**И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ жана МАДАНИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Профессор Т.Ахматов атындагы Кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы**

КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮНҮН

# ТЕОРИЯСЫ ЖАНА ПРАКТИКАСЫ

*Окуу-усулдук колдонмо*

Бишкек – 2023

УДК 377
ББК 74.4
К 36

**Пикир айткандар:**

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Д. К. Омурбаева

Филология илимдеринин кандидаты, доцент Н. А. Мапаева

К36 «Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы»: окуу- усулдук колдонмосу / түз. С. Каратаева, Н.Масалиева. - Б.: 2023. – 88 б.

ISBN 978-9967-9435-6-8

«Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» дисциплинасы үчүн түзүлгөн окуу-усулдук колдонмо ушул эле аталыштагы окуу-методикалык комплекстин практикалык сабактарынын иштелмеси болуп саналат. Колдонмодо окуу-методикалык комплекстин лекциялар түрмөгүндө берилген кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери жана калыптануу тарыхы, кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар, жалпы билим берүү мекемелеринде кесиптик багыт берүүнү уюштуруу, кесиптик жактан өзүн-өзү таануу, кесипке багыт берүүдө ата-энелер менен иш алып барууга байланыштуу маалыматтар камтылып, ар бир сабактын иштелмесинин тулкусуна өркүндөтүлгөн алдыңкы методика сиңирилген.

Колдонмо педагогикалык багыттагы жогорку жана атайын орто окуу жайларынын мугалимдерине, ошондой эле магистранттарга жана студенттерге арналат.

УДК 377
ББК 74.7

ISBN 978-9967-9435-6-8

Түзүүчүлөр: С. Каратаева, Н.Масалиева, 2023

# МАЗМУНУ

Кириш сөз ..... 4
Колдонмонун нускамасы ..... 5
Окутуу методдору ..... 6
«Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» курсунун тематикалык планы ..... 12
Практикалык сабактардын планы ..... 13
Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери ..... 15
Кесиптик багыт берүүнүн калыптануу тарыхы ..... 21
Кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар ..... 26
Жалпы билим берүү мекемелеринде кесиптик багыт берүү иштерин уюштуруу ..... 33
Мектеп программасында кесиптик багыт берүү маселелери ..... 39
Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү ..... 45
Өзүн-өзү таанып-билүү – кесипкөйлүк өнүгүүнүн шарты катары ..... 50
Ата-энелер менен иштөөнүн негизги багыттары жана формалары ..... 57
Таркатма материалдар ..... 61
Жыйынтык текшерүүнүн суроолору ..... 82
Адабияттар ..... 84
Глоссарий ..... 86

# КИРИШ СӨЗ

Өлкөнүн келечеги билим берүү системасынан түздөн-түз көз каранды экендиги айтпаса да түшүнүктүү. Азыркы бат өзгөрүлмөлүү дүйнө бизден билим берүүнүн мазмунун ушунчалык тездик менен жаңылоону жана бул өзгөрүүлөргө бат ыңгайлашуубузду талап кылууда. Азыркы доордогу жаңы экономикалык реалдуулук (экономиканын глобалдашуусу, климаттык жана демографиялык өзгөрүүлөр), маалыматтын көптүгү, санариптешүү (жасалма интеллект), өндүрүштөгү жогорку атаандаштык, технологиялардын тез өнүгүүсү, социалдык-экономикалык жана экологиялык факторлор жогорку квалификациялуу, кесипкөй адистерди талап кылаат.

Кесиптик билим берүү системасында да бир топ өзгөрүүлөр болууда. Үзгүлтүксүз билим алуу, квалификацияны жогорулатуу, көндүмдөрдү жаңылоонун артыкчылыгы, диплом базарынан квалификация базарына, офлайн, онлайн, аралаш  (гибриддик), массалык билим алуу,  буга чейинки  билиминин натыйжасын кабылдоо мезгил талабы. Ошондуктан, кесиптик багыт берүү иштери да тез, ыкчам уюштурулуп, мектеп босогосунан калыптанышы шарт.

Мугалимдик кесипке даярдалып жаткан студенттер педагогика багытындагы дисциплиналардан класс жетекчинин мектептеги орду, иштөө принциби боюнча маалыматтарды алышат. Студенттер адаптациялык практика өтөгөн учурдан баштап мектепте класс жетекчинин иш-аракети, аткарган кызматы менен таанышып, класс жетекчинин милдетин аткарышат.  Мектепте кесип тандоого багыт берүү иштеринин негизги бөлүгү класс жетекчинин милдетине кирет. Класс жетекчилер окуу жылы ичинде 34 саат көлөмүндө тарбиялык сабак өтүп, андан башка класстан тышкаркы түрдүү иш-чараларды уюштуруп келишет.

Буга чейин педагогикалык багытта билим алып жаткан студенттерге кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери жана практикасы атайын курс катары окутулган эмес. «Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» курсунун тандоо курсу катары Мамлекеттик тил жана маданият институтунун студенттерине окутулушу алгачкы тажрыйба болуп саналат. Биздин практика көрсөткөндөй, студенттердин педагогикалык практикалардан ийгиликтүү өтүшүнө гана көмөк көрсөтпөстөн, келечекте компетенттүү адис катары калыптанышына белгилүү деңгээлде шарт түзө алат.


# КОЛДОНМОНУН НУСКАМАСЫ

Бул колдонмонун түзүмүнө токтолсок, киришүүдөн, колдонмону колдонуу нускамасын окутуунун методдору, тематикалык план, сабактын иштелмелери, таркатма материалдар, колдонулган адабияттар жана глоссарийлерден турат. Киришүүдө колдонмонун актуалдуулугу, максаты камтылган. Окутуу методдору бөлүмүндө жалпы колдонулган методдорго сересеп салынды. Тематикалык планда «Кесипке багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» аттуу тандоо курсу камтыган темалардын мазмуну жана практикалык сабактардагы каралуучу маселелер берилди. Практикалык сабактардын иштелмелери даярдалды, анда ар бир сабактын жүрүү процесси кадамдар менен берилген.

Колдонмодо берилген сабактын иштелмелеринде максатка жетүү үчүн колдонулган методдордун тобу каралган. Ал методдорду мугалим өзүнүн чыгармачылык жөндөм-шыгына, тажрыйбасына ылайык алмаштырып колдонсо болот.

Сабактын натыйжалуу өтүүсү үчүн мугалимге окутуу чөйрөсүн туура уюштура алуусу маанилүү. Сабакты баштар алдында окутуу чөйрөсүн (академиялык, физикалык, психологиялык, маданий) эске алып, туура уюштуруу шарт.

**Окутуу чөйрөсү:**




**Академиялык чөйрө –** билим берүү менен билгичтикке ээ кылып, көндүмдү калыптандырууда ой-жүгүртүү деңгээлдерин (эстеп калуу, түшүнүү, колдонуу, талдоо, баалоо, чыгармачылык) эске алуу менен компетенттүүлүккө жеткирүү. Билим кайсы бир илимдин негизинде берилет, ал маалымат түрүндө гана калбастан өздөштүрүлгөн билим +билгичтик+көндүм=компетенттүүлүккө жетиши керек, ал туура уюштурулган академиялык чөйрөдө камсыздалат.

Колдонмодо берилген сабактын иштелмелеринде интерактивдүү методдорго басым жасалып, кыймылдуу көнүгүүлөр көп колдонулат. **Физикалык чөйрө** туура түзүлбөсө кыймылдуу көнүгүүлөр, топтук иштер толук ишке ашпай калат. Мугалим ар бир сабакта колдонулган метод менен таанышып, ыңгайлуусун тандап алып, ошого жараша физикалык чөйрөнү түзүп алуу максатка жетүүгө бир кадам болуп саналат. Мугалим сабак өтө турган аудиторияны карап үстөлдөрдү даярдап, топторго бөлүштүрүүгө мүмкүнбү, кыймылдуу көнүгүүлөрдү аткарууга мейкиндик барбы, даярдык көрүүсү зарыл. **Психологиялык чөйрө** түзүү сабакты ар түрдүү жагымдуу маанай менен («Менин атымдын тарыхы», «Мен азаматмын», «Кол чабуулар» ж.б.) баштоого негизделет. Бул учурда катышуучулардын жаш өзгөчөлүгү, ар түрдүүлүгү, кабыл алуусунун түрдүүлүгү эске алынышы кажет.

Окутууда **маданий чөйрөнүн** түзүлүшү да окуп-үйрөнүүнүн натыйжалуулугун камсыздоонун көрсөткүчү катары каралат. Анда мугалимдин кеби, баарлашуу стили, аудиторияда жагымдуу жагдай түзө алуусу, катышуучуларга сый-урмат менен мамиле жасоосу, башкаларды уга билүүсү, сабаттуу жана жумшак юмор менен сүйлөөсү, адабий тилдин нормаларын колдонуусу бааланат жана ал аркылуу ишке ашат.

# ОКУТУУ МЕТОДДОРУ

Бул колдонмону иштеп чыгууда ар түрдүү интерактивдүү методдорду колдондук. Ар бир теманы ачып берүүдө алардын орду, өзгөчө экендигинде ынандык. Лекция окулган учурда өтүлгөн материалдын 5%ы студенттин эсинде калса, ал эми практикалык сабактарда студенттин окуп-үйрөнүүсү аңгемелешүү методун кодонуу аркылуу 15-20%га жетет.

Окутуу методдору бул – студенттерге билим, билгичтик көндүмдөрдү берүүгө, аларды тарбиялоого жана өстүрүп-өнүктүрүп чыгармачыл инсандыкка даярдоого багытталган мугалим менен студенттин ортосундагы өз ара биргелешип аракеттенүүлөрдүн ыкмасы.

Окуп-үйрөнүү процессинде маалымат 3 түрдө берилет: абстракттуу, символдуу жана конкреттүү.

1. Абстракттуу – маалыматты сөз менен жеткирүү (маалыматты өздөштүрүүдө сезимдер аркылуу кабыл алуу).
2. Символдуу – чиймелер, схемалар, слайддар ж.б. көрсөтүү аркылуу маалыматтын берилиши.
3. Конкреттүү – маалыматтын конкреттүү иш-аракеттер менен практика жүзүндө ишке ашырылышы.

Маалыматты берүү формаларынын ичинен, өзгөчө натыйжалуусу конкреттүү же бардык формалардын айкалышуусу, б.с. Өз колу менен жасап, процессти көргөндө же ага түздөн-түз катышканда маалымат жеткиликтүү болуп, көндүм калыптанат. Адам өзүнүн тажрыйбасынын негизинде жаңы маалыматты кандайдыр бир концепцияга айландырып, жеке пикирин жаратканга өбөлгө түзүлөт.

| Окуутуу ыкмалары | Маалыматты берүү формалары | Б.Блумдун таксономиясы боюнча | Маалыматтын сакталышы У. Глассердин пирамидасы боюнча |
|---|---|---|---|
| Лекция, мини-лекция, мугалимдин сөзү | абстракттуу | Билим, түшүнүү | 5% |
| Өз алдынча окуу, 5 мүнөттүк эссе, | символдуу | Билим, түшүнүү | 10% |
| Аңгемелешүү, биографиялык метод, акыл калчоо | конкреттүү | Билим, түшүнүү | 20% |
| Көрсөтмөлүүлүк, ачык сөздөр, муз жаргычтар, акыл калчоо | символдуу | Билим, түшүнүү, колдонуу | 30% |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Дискуссия, топ менен иштөө, жупта иштөө, кластер, ачык сөздөр, суроолор айлампасы, ички, сыртки тегерек, убакытты пландаштыруу | конкреттүү | Билим, түшүнүү, колдонуу, талдоо | 50% |
| Топ менен иштөө, жупта иштөө, суроо айлампа, блиц-инфо, акыл калчоо, инсерт, аукцион, ротация, ролдоштуруу жана имитация | Конкреттүү, символдуу | Билим, түшүнүү, колдонуу, талдоо, анализ, баалоо | 75% |
| Имитация, ички, сырткы тегерек, топ менен иштөө, Венндин диаграммасы, чаташкан логикалык чынжырлар, ролдоштуруу, ротация, жупта иштөө, жекече иштөө | конкреттүү | Билим, түшүнүү, колдонуу, талдоо, анализ, баалоо, чыгармачылык | 90% |


Таблицада көрүнүп тургандай натыйжалуулукка жетүүдө маалыматты берүүнүн формасын ой жүгүртүү деңгээли менен айкалыштырып колдонуу шарт. Ошондуктан маалыматты берүү формасы кайсы ыкмалар аркылуу ишке ашырууда натыйжалуу болорун эске алып, колдонмодо окутуунун интерактивдүү ыкмаларын кененирээк пайдаланууга аракет жасалды.

Интерактивдүү ыкма менен иштөөдө студенттер кандай гана маселе болбосун, аны чечүүнүн бир нече жолу бар экендигин түшүнө башташат, өз көз караштары менен башкалардын көз караштарын салыштырууга үйрөнүшөт. Чыгармачылык демилге колдоого алынып, алдыга коюлган маселени биргелешип чечүүгө көнүгүшөт. Өзүнө болгон ишенимди бекемделип, бирин-бири сыйлоо, уга билүү бааланат. Натыйжада студенттер:

- ✓ түгөйү менен жупта иштей билишет;
- ✓ топто иштей алышат;
- ✓ проблеманы көрө билишет жана аны чечүүнүн жолдорун таба алышат;
- ✓ өз ара мамиледе толеранттуулукту көрсөтө билишет;
- ✓ бири-бирин угуу, сыйлоо сапаттарына ээ болушат;
- ✓ студенттер маалымат эле албастан, алар өздөрү сунуштаган жолдор, чечимдер туура жана башка варианттардан артыкчылыгын логикалуу ырааттуулукта ынанымдуу түшүндүрүүгө аракет кылышат;
- ✓ студенттер мааниси терең идеяларды иштеп чыгышат;
- ✓ тапшырмаларды аткарууда өздөрүнүн жана башкалардын тажрыйбасын колдонушат.

Жыйынтыгында, интерактивдүү усулдарды активдүү колдонуудан өз ара аракеттенүү жакшырып, берилген материалды тез өздөштүрүп, талкуу учурунда өздөштүргөн маалыматтарды жакшы эстеп калышат.

Топ менен иштөө окутуунун интерактивдүү ыкмасынын маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Бул ыкма бир проблеманы чечүүдө же татаал тапшырманы аткарган учурда колдонулат. Мындай ыкманы колдонуу студенттерге өз ара кайчы пикирлерди чечүүгө жардам берет, бири-бирине өнөктөш болуп кызматташуу көндүмдөрүнө ээ болушат.



**Топ менен иштөө методикасында топторго бөлүштүрүүнүн, өзгөчө орду бар, топко бөлүштүрүүнү да туура уюштуруу керек. Топко бөлүштүрүүнүн түрлөрү:**

1. Санак аркылуу.
2. Менин фигурам.
3. Мага жаккан жыл мезгили.
4. Пазл чогултуу.
5. Мен жактырган түс ж.б.

**Биографиялык метод (грек тилинен bios «жашоо, өмүр», grapho «жазам, жазуу» дегенди билдирет) катышуучулардын өмүр баянына, жашоо тарыхына карата колдонуучу метод. Биографиялык методдун түрлөрү:**

1. Жашоо сызыгы
2. Өмүр таржымалы
3. Өмүрдөгү олуттуу окуялар
4. Инсан катары калыптануу тарыхы
5. Менин инсандык формулам

«Өмүрдөгү олуттуу окуялар» ыкмасын колдонууда катышуучулар фасилитатор тарабынан сунушталган жылдарды (1980, 1990, 2000, 2010, 2020 ж.б.) өздөрүнүн жеке жашоосундагы өзгөчө окуяларды үй-бүлөсү, өлкөсү менен байланыштырышат.

1. Менин жашоомдо.......
2. Менин үй-бүлөмдө.......
3. Биздин өлкөбүздө .......

**«Жашоо сызыгы» ыкмасын колдонууда катышуучу өмүр жолундагы бир датаны тандап, ошол жылы турмушундагы жашоосун өзгөрткөн бир окуяны айтып берет.**




**Инсандын жашоо сызыгы**

Кесипке багыт берүүдө биографиялык методду колдонуу студенттердин өзүн-өзү таануусуна, коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүсүнө багыт берет.

**Дискуссия.** Ар кандай көйгөйлөр боюнча ачык жана эркин пикир алышууга, талашып-тартышууга негизделген окутуу ыкмасы болуп саналат. Катышуучулар дискуссияда өтүлгөн тема, андагы кайсы бир маселе, жагдай тууралуу жеке пикирлерин айтышат же башкалардын ой-пикирлеринен цитаталарды, аргументтерди, фактыларды келтирип,

аларга карата өз мамилелерин билдиришет. Дискуссия латын тилинен которгондо «иликтөө, караштыруу, талдоо» дегенди билдирет. Аны эки-экиден чакан топтордо же жалпы өткөрүүгө да болот.

**Имитация (тууроо, окшоштуруу).** Бул тууроо, көрсөтүү, окшоштуруу дегенди билдирет. Сабакта имитация ыкмасын колдонуу катышуучуда маселени чечүүдө эркиндикти сезүүгө, өз алдынчалыкка мүмкүндүк берет. Имитация ролдоштурууга караганда убакытты албайт. Ролдоштуруу ыкмасында даярданууга убакыт берилиши шарт жана атайын даяр текст берилет, имитацияда кырдаал гана сунушталат. Түрдүү кырдаалдагы жагдайды чечүү жолун имитациялап көрсөтүү аркылуу катышуучуларга материалды терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Убакытты пландаштыруу.** Бул ыкманы колдонуу аркылуу өтүлгөн теманы кайталоодо натыйжалуу натыйжага жетүүгө болот. Кесипти туура тандоо адамдын өзүн-өзү таануусунан көз каранды экендиги талашсыз маселе. Ушул багытта адамдын өзүн-өзү уюштура билүүсү да өзгөчө мааниге ээ. Адам турмушундагы эң кымбат нерсе убакыт экендиги белгилүү, андыктан бул ыкманы колдонуу аркылуу убакытты туура пландаштырууга көнүктүрүүгө болот. Мисалы, катышуучулар 5 саат аралыгында 5 киши менен жолугушууну пландаштырышат. Ар бир жолугушууда бирден суроо талкууланат. Аягында жалпы талкуу жүрөт.




**Ички жана сырткы тегерек.** Бул ыкманы өтүлгөн теманы кайталоодо колдонсо болот. Катышуучулар, студенттер 2 топко бөлүнөт. 1-топ ички тегерек, 2-топ сырткы тегерек болуп турушат. «Кол чабылганда» саат жебеси боюнча сырткы тегеректегилер жылышат, ал эми ички тегерек ордунда болушат. Кол чабылгандан кийин суроо берилип, эки-экиден талкуу жүрөт. Бул методду теманы кайталоодо жана бышыктоодо колдонуу оң натыйжасын берет.

**Ротация.** Материалды (проблеманы) канчалык деңгээлде түшүнгөндүгүн, ар кандай маселенин үстүндө ой жүгүртө билүүсүн аныктоо аларды салыштырып баалоо жөндөмдүүлүгүн арттырууда колдонулат.


Мында катышуучулар 4 топко бөлүнөт. Топтун санына жараша ватманга суроолор жазылат. Топ-тобу менен ар бир ватмандагы суроолорго көз карашын чагылдырат. Катышуучулар бири-бири менен кеңешип, өз пикирлерин түшүндүрүп жана башкалардын айткандарын угуп, жыйынтыгында окуу материалын терең түшүнүүгө жетишишет.

**Чаташкан логикалык чынжырлар.** Бул ыкма, адатта, топто колдонулат. Мугалим хронологиялык чынжырдан же себеп-натыйжа чынжырынан бир нече өтүлгөн теманын кыскача аталышын өз-өзүнчө стикерлерге жазып алат, аларды жазуу столунун үстүнө жайгаштырат. Топко аларды ырааты менен кайрадан коюп чыгуу тапшырмасы берилет. Катышуучулар кезек менен чакырылып, ар бир эпизодду чынжырдагы өз ордуна коюшат. Качан бардыгы бир пикирге келгенден кийин, мугалим алардын божомолдору туура же туура эмес экендигин текшерип, аны темадан (тексттен) алынган мисалдар аркылуу далилдеп берет жана окуялардын өнүгүш тартибине көңүл бурууну өтүнөт.

**Венндин диаграммасы.** Бул өтө жыш колдонулган ыкмалардын бири. Белгилүү бир үйрөнүү объектилеринин айырмачылыктарын жана окшош жактарын салыштыруу аркылуу ишке ашырылат.



**Кластер. Кластер –** бул өтүлүп жаткан теманын  кайсы бир маселе, идея боюнча ачык жана эркин ойлонуусуна жардам бере турган интерактивдүү ыкма.



**«Беш мүнөттүк эссе» ыкмасы.** Беш мүнөттүк эссе – 5 мүнөттүн ичинде жооп берүүгө мүмкүн болгон, белгилүү максатты көздөгөн суроо. Студенттерге өтүлгөн материалды түшүнүүгө жана өз тажрыйбасы менен байланышты түзүүгө жардам берет. Ошондуктан, эссеге байланышты түзүүгө түрткү берүүчү тема коюлат.

**«Блиц-суроо» ыкмасы.** Блиц-суроо – белгилүү тема боюнча студенттердин билимдерин баалоо үчүн колдонулган кыска тест. Ал кыска жоопту талап кылган суроолордон турат. Блиц-суроо мугалимге кыска убакыттын ичинде студенттердин жаңы маалыматты өздөштүрүү деңгээли тууралуу маалымат берет.

**Суроолор айлампасы.** Мугалим группадагы студенттердин санына карата 3 же 4 чакан топторго бөлөт. Ар бир топ үй тапшырмасы боюнча 2ден суроо даярдайт. Даярдыкка 2 мүнөт убакыт берилет. Мугалим студенттерге суроолорду түзүүдө үй тапшырмасын эске алууну сунуштайт. Топтор ырааттуулукта бири экинчисине суроо берет. Ар бир топко жооп берүү үчүн 2 мүнөт убакыт берилет. Көнүгүү жооп берген акыркы топ менен аяктайт.

**«Инсерт» ыкмасы.** Бул ыкма студенттердин лекцияда алган билимдерин активдештирүү, тексттен жаңы маалыматты табуу жана аны түзүмдөштүрүү максатында колдонулат. Студенттер тексттерди окуп жаташып, туштарына төмөнкүдөй белгилерди коюшат:

«✓» - «мен билген маалымат»;

«+» - «мен үчүн жаңы маалымат»;

«?»- «суроом бар, тереңирээк билгим келет».

Студенттер бул белгилердин жардамы менен өздөрүнүн маалыматтуулук деңгээлин чагылдырышат.

**«Кош тегерек» ыкмасы.** Бул ыкма өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн сунушталат. Студенттер ички жана тышкы тегеректегилер болуп, эки катар бетме-бет турушат. Ар бир жуптагылар бири-бирине алдын ала даярдалган суроолорду беришет. Мугалим студенттерге суроолорду түзүүдө үй тапшырмасын эске алууну сунуштайт. Тышкы тегеректеги студенттер жылып, башкалар менен жуп түзүп, бири-бирине суроо берүүнү улантат.

**«Ачкыч сөздөр» ыкмасы.** Мугалим өтүлө турган теманын (мисалы, кесип, профессия, квалификация, кесиптик жарамдуулук, кесиптик жактан өзүн өзү таануу, кесиптин тиби, профессиография ж.б.) сыяктуу «ачкыч сөздөрүн» (терминдерди) интерактивдүү доскага чыгарат же жазат. Студенттер ар бир «ачкыч сөздүн» маанисин чечмелешет жана жалпы топто талкуулашат. Бул алардын жаңы теманы толук түшүнүүсүнө көмөк көрсөтөт.

**«Акыл чабуулу» ыкмасы.** Бул ыкма топ менен иштөөдөгү эң жөнөкөй жана натыйжалуу методдордун бири. Бул ыкманы колдонуунун негизги максаты – суроо берүү аркылуу студенттерде жаңы ой-пикирлердин жаралуусуна түрткү берүү. «Акыл чабуулу» ыкмасынын маңыз-мааниси студенттердин билим алууга болгон кызыгуусун камсыз кылуу, өз алдынча, коллективде ойлонууга, тыянак, чечим чыгарууга түрткү берүү, шарт-өбөлгө түзүү сыяктуу логикалык, психологиялык түшүнүктөр менен байланышта аныкталып, чечилет.

**Аукцион.** Мугалим группадагы студенттерди 5 чакан топко бөлөт. Ар бир топ өзүнө берилген тапшырманы (Эскертүү: тапшырма саналуучу нерселерден турушу шарт) тизмелеп жазышат. Тапшырманы аткарганга 2 – 3 мүнөт берилет. Биздин учурда кесиптердин түрлөрүн эң көп жазган топ биринчи окуйт, ал эми калган топтор айтылбаган кесиптерди толуктап айтышат. Мугалим топтордун ишин жыйынтыктап жатып, керегине жараша тактоолорду жана толуктоолорду киргизет. Иштин соңу жыйынтыктарды талкуулоо этабынан турат. Мында талкуу үчүн 2 суроо берилет. Мисалы: 1) Өзүңүз үчүн буга чейин белгисиз болгон кесиптин кайсы түрүн ачтыңыз? 2) Кесиптердин түрдүүлүгү жөнүндөгү билим сизге эмне берет?

**«Ролдоштуруу» ыкмасы** - бул аудиториянын алдына студенттер тобу белгилүү бир чечилүүчү маселелени, жагдай-абалды ролдоштуруп ойногон чакан инсценировка. Ролдоштуруу ыкмасында даярданууга убакыт берилиши шарт жана атайын даяр текст берилет.

Муз жаргычтар жагымдуу маанай түзүү үчүн, өтүлгөн материалдарды эсине салууда, жаңы темага көпүрө катары, чарчоо абалынан чыгарууда колдонулат. Колдонмодо биз көбүнчө сабакты баштар алдында колдонулган саламдашуунун түрлөрүн алдык. Алар: **«Өзүн өзү тааныштыруу», «Менин инсандык формулам», «Менин атымдын баш тамгасы», «Саламдашуу + жаңсоо», «Менин атымдын тарыхы», «Мен билгем.... Мен билген эмесмин......», «Бүгүн мен үчүн жакшы күн, анткени...», «Тегерек»** сыяктуу саламдашуулар аркылуу студенттер бирин-бири дагы жакындан билүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

# «КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮНҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА ПРАКТИКАСЫ» КУРСУНУН ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ

| | Дисциплинанын бөлүмдөрү | Сааттын баары | Окуу иштеринин түрлөрү | | | Аудиториялык сабакта студент топтогон балл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Лекциялык саат | Практикалык саат | Студенттин өз алдынча иштөөсү | |
| 1 | Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери | 8 | 2 | 2 | 4 | 14 |
| 2 | Кесиптик багыт берүүнүн калыптаныш тарыхы | 8 | 2 | 2 | 4 | 12 |
| 3 | Кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар | 8 | 2 | 2 | 4 | 13 |
| 4 | Жалпы билим берүү мекемелеринде кесиптик багыт берүү иштерин уюштуруу | 8 | 2 | 2 | 4 | 13 |
| 5 | Мектеп программасында кесиптик багыт берүү маселелери | 8 | 2 | 2 | 4 | 12 |
| 6 | Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү | 8 | 2 | 2 | 4 | 12 |
| 7 | Өзүн-өзү таанып-билүү – кесипкөйлүк өнүгүүнүн шарты катары | 6 | 2 | 1 | 3 | 12 |
| 8 | Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөө | 6 | 2 | 1 | 3 | 12 |
| | **Жалпы саат:** | **60 саат** | **16 саат** | **14 саат** | **30 саат** | **100 балл** |
| | Жыйынтык текшерүү | | | | | Сынак |

# ПРАКТИКАЛЫК САБАКТАРДЫН ПЛАНЫ

**1-тема. Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Профориентология илимий дисциплина катары. Максаты жана милдеттери.
2. Профориентологиянын методологиялык негизи.
3. Кесиптик багыт берүүнүн теориялык жана практикалык негиздери.
4. Кесиптик багыт берүү системасынын компоненттери.
5. Кесиптик багыт берүү иштерин уюштуруудагы негизги принциптер.
6. Жалпы билим берүү мектептериндеги кесипке багыт берүү иштеринин этаптары.
7. Кесиптик багыт берүүнүн функциялары.
8. Кесиптик багыт берүүнүн методдору.

**2-тема. Кесиптик багыт берүүнүн калыптаныш тарыхы**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Кесиптик багыт берүүнүн келип чыгышынын тарыхый өбөлгөлөрү.
2. Чет өлкөдө кесиптик багыт берүүгө байланыштуу теориялык ойдун өнүгүү тарыхы.
3. Чет өлкөлөрдөгү жалпы билим берүү мектептериндеги кесиптик багыт берүү иштеринин учурдагы абалы.
4. Башка өлкөлөрдө кесиптик багыт берүүнүн өнүгүшү.
5. КМШ өлкөлөрүндөгү профориентациялык иштер.
6. Кыргызстандагы кесиптик багыт берүү иштери.

**3-тема. Кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Кесип таануунун түшүнүк аппараты.
2. Кесиптердин классификациясы.
3. Профессиографиянын негиздери.
4. Профессиограмманын структурасы.
5. Профессиографиянын методдору.

**4-тема. Жалпы билим берүү мекемелеринде кесипке багыт берүү иштерин уюштуруу**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Билим берүү тармагындагы кесипке багыт берүү концепциялары
2. Мектепте кесипке багыт берүүнүн максат, милдеттери.
3. Мектепте кесипке багыт берүү ишинин уюштуруу.
4. Класс жетекчинин негизги функциясы.
5. Класс жетекчинин иштеринин негизги багыттары.

**5-тема. Мектеп программасында кесипке багыт берүү маселелери**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Жалпы билим берүүчү мектептерде колдонулуучу программалар.
2. Программалардын түрлөрү: окуу программалары, типтүү окуу программалары, автордук окуу программалар.
3. Тарбиялык иштери боюнча программанын максаты, милдеттери жана принциптери.
4. Класстык сааттарда кесипке багыт берүүнүн болжолдуу тематикалары.
5. Кесип тандоого тарбиялоодогу милдеттер.

**6-тема. Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Кесипке багыт берүүдө ар бир курактын өзгөчөлүгү эске алуу.
2. Башталгыч класстарда кесиптер жөнүндөгү түшүнүктү калыптандыруу.
3. Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүү.
4. Жогорку класстын окуучуларына кесиптик багыт берүү.
5. Кесипке багыт берүүдө эске алуучу жагдайлар.

**7-тема. Өзүн-өзү таанып-билүү - кесипкөйлүк өнүгүүнүн шарты катары**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Кесипке багыт берүүдө ар бир курактын өзгөчөлүгүн эске алуу.
2. Өзүн-өзү таанып-билүүнүн түрлөрү
3. Мектеп жашында өзүн-өзү таанып-билүүнүн өзгөчөлүгү.
4. Кесиптик багыт берүү ишине инсандык мамиле жасоо
5. Кесип тандоого компетенттүү мамиле жасоо. Компетенттүүлүк.

**8-тема. Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөө**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Кесиптик багыт берүүдө ата-эненин ролу.
2. Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөөнүн мааниси.
3. Ата-энелерди кесиптик багыт берүү иштерине тартуунун натыйжалуу жолдору.
4. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин багыттары.
5. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин формалары.

# КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**Максаты:** Профориентология жана анын бөлүмдөрүн, кесиптик багыт берүүнүн негиздерин, кесиптик багыт берүү системасынын компоненттерин, принциптерин жана этаптарын талкуулашат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- ✓ профориентологиянын изилдөө предметин, максатын жана милдеттерин ачыктап, негизги принциптерин аташат;
- ✓ профориентологиянын функцияларына, методдоруна мүнөздөмө беришет;
- ✓ кесиптик багыт берүүнүн негиздерин түшүнүшөт жана анын компоненттерине аныктама беришет;
- ✓ кесипке багыт берүү иштерине катышып жаткан коомдук институттар эске алчу принциптерин мүнөздөшөт;
- ✓ кесипке багыт берүү иштериндеги төрт этапты бири-биринен өзгөчөлөшөт;
- ✓ кесиптик багыт берүү иштери көз каранды болгон факторлорду санап беришет;
- ✓ кесиптик багыт берүү иштеринин системалуу жүргүзүлүшү маанилүү экендигин аргументтерди келтирүү менен далилдешет;
- ✓ кесиптик багыт берүүнүн методдорун практикада колдоно алышат.

**Таяныч сөздөр:** профориентология, кесиптик багыт берүү, кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоо, профессиография, функция, компонент, метод, принцип, этап.

**Колдонулган ыкмалар:** акыл чабуулу, блиц-суроо, беш мүнөттүк эссе, топто иштөө, жекече иштөө.

**Керектелүүчү каражаттар:** интерактивдүү доска же компьютер, проектор, PP слайд, флипчарт, маркер, кайчы, кагаз скотч, түстүү стикерлер.

| Кадамдар | Иштин мазмуну | Эскертүүлөр |
|---|---|---|
| **«Өзүн-өзү тааныштыруу» көнүгүүсү** | **Максаты:** Студенттердин ой жүгүртүүсүн активдештирүү, кесиптик багыт берүү тематикасына сүңгүү.<br><br>**Аткаруу тартиби:** студенттер таркатылган түстүү стикерлерге төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктап жазып, топто окуп беришет:<br>-Мен сүйгөн кесип – ...<br>-Мен тандаган кесип - ...<br>-Кесип тандоодо мага таасир берген адам же кеңешчим - ... | PP слайд<br>2-бет<br><br>Мугалим суроолорду доскага чыгарып коёт.<br>Көнүгүү жалпы топто аткарылат. |

| | | |
|---|---|---|
| **Практикалык сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжалары** | **Максаты:** «Акыл чабуулу» топ менен иштөөдөгү эң жөнөкөй жана натыйжалуу методдордун бири. Бул ыкманы колдонуунун негизги максаты – суроо берүү аркылуу студенттерде жаңы ой-пикирдин жаралуусуна түрткү берүү.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерге төмөнкү суроолорду талкуулоого чакырат:<br>- Профориентология тууралуу бул дисциплина боюнча дарс укканга чейин сизде маалымат болгонбу?<br>- Профориентологиянын максаты жана милдеттери?<br>- Профориентологияны эмне үчүн интегративдик дисциплина катары таанышат, анын себеби эмнеде?<br>Мугалим айтылган негизги ойлорду белгилөө менен талкууну мынтип жыйынтыктайт: «Профориентология – инсандын кесиптик жактан калыптануусундагы фактыларды, механизмдерди жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилдеген философия, психология жана педагогиканын чектешкен жеринде турган интегративдик илимий дисциплина.<br>Профориентология инсанда кесиптик «Мен» - концепциясынын калыптанышына жана анын кесиптик аң-сезиминин өнүгүшүнө, кесиптик жактан өзүн өзү аныктоосуна көмөк көрсөтөт». | РР слайд 4, 5-беттер<br><br>Мугалим айтылган ойлорду кыскача доскага же флипчартка жазып турат. Себеби, талкуулоодо негизги ойлорду иргеп алуу жана жыйынтыктоо үчүн маанилүү. |
| **«Кызыктуу маалымат» рубрикасы** | «Мен» - концепциясын америкалык психолог Уильям Джеймс (1842-1910-жж.) сунуш кылган. Бул концепция адамдын дуалдык - таануучу (субъект) жана таанылуучу (объект) табияты жөнүндөгү түшүнүктөргө негизделген. «Мен» – концепциясы адамдын өзү жөнүндөгү түшүнүктөрдүн (сапаттары, мүнөзү) биримдигинен турат. Ал инсандын өзүн өзү таануу жана социалдык аракеттешүү процессинде калыптанат. | РР слайд 6-бет |

| | | |
|---|---|---|
| **«Беш мүнөттүк эссе» ыкмасы** | **Максаты:** Беш мүнөттүк эссе – 5 мүнөттүн ичинде жооп берүүгө мүмкүн болгон, белгилүү максатты көздөгөн суроо. Студенттерге өтүлгөн материалды түшүнүүгө жана өз тажрыйбасы менен байланышты түзүүгө жардам берет. Ошондуктан, эссеге байланышты түзүүгө түрткү берүүчү тема коюлат.<br><br>**Эссенин темасы:** «Кесип тандоодо мен тушуккан көйгөйлөр»<br><br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим бул тапшырманы бергенге чейин студенттерге  көпчүлүк жаштар кесип тандоодо олуттуу көйгөйлөргө туш болорун жана анын себептерин учкай айтып өтөт.<br>Тапшырма аткарылгандан кийин мугалим 2 – 3 студентке эссесин окуганга мүмкүндүк берет, андан соң жалпы топто кыскача талкуулап жыйынтыктайт. | Студенттер дептерлерине сунушталган тема боюнча чакан текст түзүшөт. Текст 3 же 4 сүйлөмдөн турат.<br><br>Көнүгүү жекече аткарылат. |
| **Практикалык иш**<br><br>**Топтордо иштөө** | **Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерди 4 топко бөлүп, ар бир топко 1-лекциянын параграфтары менен байланышкан өзөктүү сөздөрдү түзүүгө мүмкүн болгон тамгаларды таркатып берет. Ар бир топ, адегенде тамгалардан сөз курашат, андан кийин мына ошол сөз катышкан параграф боюнча презентация даярдашат.<br><br>**Чечмеленүүчү сөздөр:**<br>1. Компоненттер<br>2. Принциптер<br>3. Этаптар<br>4. Методдор | Тамгалар жазылган карточкалардын топтому<br><br>Топтордун санына жараша флипчарттар, маркерлер жана скотч<br><br>1.1. Т.М. (анаграмма үчүн тамгалар) |

| | | |
|---|---|---|
| **«Блиц-суроо» ыкмасы** | **Максаты:** Блиц-суроо – белгилүү тема боюнча студенттердин билимдерин баалоо үчүн колдонулган кыска тест. Ал кыска жоопту талап кылган суроолордон турат. Блиц-суроо мугалимге кыска убакыттын ичинде студенттердин жаңы маалыматты өздөштүрүү деңгээли тууралуу маалымат берет.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерге блиц-суроону окуп берип, суроолорго жооп алат.<br>- Профориентология канча бөлүмдөн турат?<br>- Окуучуларга кесиптин мазмуну, кесипке ээ болуунун жолдору жөнүндө маалымат берүү бул - ....<br>- Адамдын кесиптик ишмердиктин белгилүү түрүнө жарактуулугун аныктоо бул – ...<br>- Кесиптик багыт берүүнүн багыттоо – даярдоо этабы кайсы класстарды камтыйт?<br>- Инсанда кесипке багыт берүү боюнча билимди, көндүмдү калыптандыруу. Кесиптик багыт берүүнүн кайсы функциясы?<br>- Инсандын кызыгуусуна, жөндөмүнө жана шыгына жараша кесип тандоодогу укугунун сакталышы. Кесиптик багыт берүүнүн кайсы принциби?<br>- Кесиптик багыт берүүдө коомдук институттар канча принципти эске алышы керек?<br>- Кесиптик багыт берүүнүн багыттоо-жыйынтыктоо этабындагы иштин негизги формасы – ... | Мугалим студенттерге блиц-суроого кыска убакыттын ичинде жооп талап кылынарын эскертет. |
| **Жыйынтык** | Сабактын аягында мугалим төмөнкүчө жыйынтык чыгарат: «Бүгүнкү сабакта профориентологиянын изилдөө предмети, максаты жана милдеттери, бөлүмдөрү жөнүндөгү маалыматтарды талкууладык. Ошондой эле кесиптик багыт берүү системасынын компоненттери, принциптери, этаптары жана изилдөө методдору тууралуу лекциялык сабакта алган билимдерди практикалык иштер менен бышыктадык». | |

| | |
|---|---|
| **Үй тапшырмасы** | Студенттер төмөнкү суроолорго конспект жазышат жана кийинки сабакта оозеки жооп беришет:<br>1) профориентология аныктамасы;<br>2) профориентология илимдер системасында;<br>3) кесиптик багыт берүүнүн компоненттери;<br>4) кесиптик багыт берүү иштеринин натыйжалуулугуна таасир тийгизген факторлор. |

# Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар:

**А) «Кесиптик кеңеш менен кесиптик ылгоонун профессиографиялык негиздери» деген темада реферат жазуу**

**Өз алдынча иштин максаты:** студенттин илимий кругозорун кеңейтип, теориялык изилдөө жүргүзүүнүн методдорун колдоно билүүгө көнүктүрөт, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.

**Тапшырманы аткаруу тартиби**: 1) сунушталган темалардын ичинен бир теманы тандап алуу; 2)иштей турган илимий булактарды аныктап алуу; 3)аныкталган илимий булактарды окуп чыгуу, алына турган материалдарды системалаштырып, иштеп чыгуу; 4)план түзүү; 5)рефератты жазуу: тандалган теманын актуалдуулугун белгилөө; тандалган теманын проблемасын тариздөө; рефератталып жаткан тексттин негизги тезисин келтирүү; проблема боюнча жыйынтыктарды чыгаруу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** студенттердин максатты коё билүү жана аны ишке ашыруунун жолдорун билүү, о.э., маалыматты жалпылоо, талдоо жөндөмдүүлүгү; жазуу кебин логикалык жактан ырааттуу, аргументтер менен так түзө билүү жөндөмдүүлүгү.

**Б) «Кесиптик колдоо көрсөтүүнүн программасы» деген темада долбоор иштеп чыгуу**

**Өз алдынча иштин максаты:** божомолдоо, долбоорлоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

**Тапшырманы аткаруу тартиби:** 1) кырдаалды диагноздоо; 2) долбоорлоо (максат-милдеттердин аныкталышы; милдеттерди чечүүнүн каражаттарын жана методдорун теориялык моделдөө; конкреттүү милдеттерди чечүүнүн этаптарын иштеп чыгуу; алынган жыйынтыктарды жалпылоо жана системага келтирүү, долбоордогу иш-аракетти кадамдап аткаруу); 3)рефлексия (алынган жыйынтыктардын коюлган максаттарга дал келишин ачыктоо; анын өнүгүү жана колдонуу келечеги).

**Күтүлүүчү натыйжалар:** 1) изилдөө милдеттерин чечүүдө жекече жөндөмдүүлүктү колдонууга даярдык; 2) божомолдоо, долбоорлоо жана моделдештирүү жөндөмдүүлүгү.

# Адабияттар:


1. Е. В. Гудкова. Основы профориентации и профессионального консультирования [Текст] / Е. В. Гудкова. Под ред. Е. Л. Солдатовой. -Челябинск: ЮУрГУ, 2004. -127 б.
2. Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. Основы профориентологии [Текст] / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. –Москва: Высшая школа, 2005. -159 с. https://www.studmed.ru
3. Калыптандыруучу баалоо. Мугалимдер үчүн колдонмо. 7-модуль. USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоору. -Б., 2018. -33 б.
4. Овсянникова С. К. Организация профориентационной работы в школе. Методическое пособие [Текст] / С. К. Овсянникова. -Нижневартовск, 2013. -364 б. https://www.studmed.ru
5. С. В. Панина, Т. А. Макаренко. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся: Учебник для академического бакалавриата [Текст] / С. В. Панина, Т. А. Макаренко. -Москва: Юрайт, 2014. -312 б.
6. Н. С. Пряжников. Профессиональное самоопределение: теория и практика [Текст] / Н.С. Пряжников. - Москва: Академия, 2007. -501 б.
7. Е. Ю. Сизганова. Основы профориентологии [Текст] / Е. Ю. Сизганова. - Орск, 2010. -138 б.

# КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮНҮН КАЛЫПТАНУУ ТАРЫХЫ

**Максаты:** Кесиптик багыт берүүнүн калыптанышы, негизги теориялык ойлордун өнүгүшү, кесипке багыт берүү иштеринин учурдагы абалын талкуулашат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- ✓ Кесиптик багыт берүүнүн илим катары калыптанышына негиз салган изилдөөчүлөр жөнүндөгү маалыматка ээ болушат;
- ✓ Кесипке багыт берүүдөгү негизги теориялык ойлорго талдоо жүргүзүшөт;
- ✓ Кадрларды тандоонун «америкалык модели» менен «япон моделин» салыштырышат;
- ✓ Башка өлкөлөрдө кесипке багыт берүүнүн өнүгүшүнө сереп жүргүзүшөт;
- ✓ КМШ өлкөлөрү менен Кыргызстандагы кесиптик багыт берүү иштерин салыштырып талдашат;
- ✓ Дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбаларды практикага киргизүү боюнча өз сунуштарын айтышат.

**Таяныч сөздөр:** кесиптик багыт берүү, психологиялык тест, теориялык ой, жобо, концепция, кесиптик ылгоо, кесиптик кеңеш.

**Колдонулган ыкмалар:** суроолор айлампасы, инсерт, топто иштөө, жупта иштөө, жекече иштөө.

**Керектелүүчү каражаттар:** интерактивдүү доска же компьютер, проектор, PP слайд, флипчарт, маркер, кайчы, кагаз скотч, түстүү стикерлер.

| Кадамдар | Иштин мазмуну | Эскертүүлөр |
|---|---|---|
| **«Бүгүн мен үчүн жакшы күн, анткени ...» көнүгүүсү** | **Максаты:** Топто жагымдуу маанай түзүү.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерден «Бүгүн мен үчүн жакшы күн, анткени...», - деген сүйлөмдү толуктоону өтүнөт. Ар бир катышуучу бул сүйлөмдү толуктоосу зарыл. | PP слайд<br>2-бет<br>Мугалим сүйлөмдү доскага чыгарып коёт.<br>Көнүгүү жалпы топто аткарылат. |
| **«Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери» темасына кайтарым байланыш «Суроолор айлампасы» ыкмасы** | **Максаты:** өтүлгөн теманы бышыктоо.<br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим группадагы студенттердин санына карата 3 же 4 чакан топторго бөлөт.<br>Ар бир топ үй тапшырмасы боюнча 2ден суроо даярдайт. Даярдыкка 2 мүнөт убакыт берилет. Мугалим студенттерге суроолорду түзүүдө үй тапшырмасын эске алууну сунуштайт.<br>Топтор ырааттуулукта бири экинчисине суроо берет. Ар бир топко жооп берүү үчүн 2 мүнөт убакыт берилет. Көнүгүү жооп берген акыркы топ менен аяктайт. | PP слайд<br>3-бет<br>Түстүү стикерлер<br><br>Мугалим үй тапшырмасын доскага чыгарат.<br><br>Көнүгүү чакан топто аткарылат. |

| | | |
|---|---|---|
| **Практикалык сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжалары** | **Максаты:** Профориентологиянын бөлүмдөрүн, кесиптик багыт берүүнүн теориялык жана практикалык негиздерин талдоо.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерди сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштырат. | РР слайд 4-бет |
| **«Инсерт» ыкмасы** | **Максаты:** студенттердин лекцияда алган билимдерин активдештирүү, тексттен жаңы маалыматты табуу жана аны түзүмдөштүрүү.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерди 5 топко бөлүп, лекциядан алынган тексттерди топторго таратып берип, өз алдынча окуп чыгууну өтүнөт. Окуу учурунда текстке төмөнкү белгилерди коюуну сунуштайт:<br>«✓» - «мен билген маалымат»;<br>«+» - «мен үчүн жаңы маалымат»;<br>«?»- «суроом бар, тереңирээк билгим келет».<br><br>Текстке белгилерди коюп окуп чыккандан кийин, топтор төмөнкү таблицаны толтуруп, презентациялашат. | РР слайд 5-бет<br><br>2.1. Т.М.<br><br>Флипчарт, маркерлер<br><br>Көнүгүү чакан топто аткарылат. |

| ✓ | + | ? |
|---|---|---|
| Мен билген маалымат | Мен үчүн жаңы маалымат | Суроом бар, тереңирээк билгим келет |
| | | |

| | | |
|---|---|---|
| **«Кызыктуу маалымат» рубрикасы** | Айрым изилдөөчүлөр кесиптик багыт берүүнүн келип чыгышын XX-к. баш чендеринде адамдын кесиптик жөндөмдүүлүгүн баалоо үчүн психологиялык тесттерди иштеп чыккан, психотехниканын негиздөөчүсү Хьюго Мюнстерберг (1863-1916) менен байланыштырышат. Ал Ч.Дарвиндин окуусуна таасирленген.<br><br>Ч.Дарвиндин теориясы боюнча индивиддер бири-биринен тукум куучулук факторлор аныктаган өзгөчөлүктөр аркылуу айырмаланышат. Дал ушул нерсе XX к. баш чендеринде адамдын психологиялык өзгөчөлүгүн эске алган методиканын, анын ичинде психологиялык тесттердин иштелип чыгышына түрткү берген. | РР слайд 6-бет |

| | | |
|---|---|---|
| **Практикалык иш «Инсандын тибин аныктоо» көнүгүүсү** | **Максаты:** Джон Голланддын методикасы боюнча «инсандын тибин аныктоо».<br><br>**Аткаруу тартиби:** Студенттер жубу менен отургандан кийин мугалим сурамжылоонун жана жооптордун бланкын таратып берет. Жуптагы студенттердин бири сурамжылоодогу варианттардын бирин белгилесе, экинчи студент бул бланктагы белгиленген варианттардын негизинде жооптор бланкын толтурат. Жыйынтык чыгарыш үчүн экинчи студент белгиленген жоопторду санап чыгып, «суммасы» деген жерге санын көрсөтөт. Бир белгиленген жооп бир баллга барабар.<br><br>Тигил же бул шкаладагы баллдын көрсөткүчү аркылуу «инсандын тиби» аныкталат. Кайсы шкалада баллдын суммасы канчалык жогору болсо, сыноодон өтүп жаткан адам ошол типке дал келет. Бул тест аркылуу инсандын тигил же бул кесиптин түрүнө жарамдуулугун аныктоого мүмкүн. | PP слайд 7-бет<br><br>2.2. Т.М.<br><br>Көнүгүү жупта аткарылат. |
| **Жыйынтык** | Сабактын аягында мугалим төмөнкүчө жыйынтык чыгарат: «Бүгүнкү сабакта кесиптик багыт берүүнүн келип чыгышынын тарыхый өбөлгөлөрүн, кесиптик багыт берүүдөгү теориялык ойдун өнүгүү тарыхын, чет өлкөлөрдөгү кесипке багыт берүү иштеринин учурдагы абалын талкууладык. Ошондой эле Дж. Голландын методикасынын негизинде практикалык иш аткардык. «Инсандын тибин» аныктоо аркылуу адамдын кайсы кесипти каалашын, артык көрөрүн аныктоого мүмкүндүгүн көрдүк. | |
| **Үй тапшырмасы** | Лекциядагы төмөнкү параграфтарды окуп, ар бир студент 10дон кем эмес суроо даярдап келишет:<br>1. Башка өлкөлөрдө кесипке багыт берүүнүн өнүгүшү.<br>2. КМШ өлкөлөрүндөгү кесиптик багыт берүү.<br>3. Кыргызстандагы кесиптик багыт берүү иштери.<br>4. Кесиптик багыт берүүдө мамлекеттик саясаттын принциптери. | PP слайд 8-бет |

# Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар:

**А) Кесиптик багыт берүүнүн калыптануу тарыхы боюнча презентация даярдоо**

**Өз алдынча иштин максаты:** 1) окуу материалын өздөштүрүү (бекемдөө, жалпылоо, системага салуу); 2) IT технологиялар менен иштөө мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган инструменталдык компетенциялардын калыптанышы.

**Тапшырманы аткаруу тартиби:** 1) долбоорлоо этабы: а) презентацияны колдонуу максатын аныктоо; б) керектүү материалдарды топтоо (тексттер, сүрөттөр, схемалар ж.б.). 2) конструкциясын түзүү этабы: а) MS Power Point программасын тандоо; б) слайддын дизайнын аныктоо; в) слайддарга топтолгон материалдарды белгилүү ырааттуулукта киргизүү; г) ылайыгына жараша анимация коюу. 3) моделдештирүү этабы: даярдалган материалды текшерүү, көрсөтүү убактысын аныктоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** 1) студенттерди азыркы маалымат мейкиндигине интеграцияланышын камсыздоо; 2) кесибине тиешелүү маалыматты талдоо, жалпылоо жөндөмдүүлүгү; 3) түрдүү билим берүү мекемелеринде заманбап методиканы жана технологияны колдонуу жөндөмдүүлүгү.

**Б) «Кесиптик багыт берүү мамлекеттик кадрдык саясаттын жана жеке проблема катары» деген темада эссе жазуу**

**Өз алдынча иштин максаты:** студенттин өз алдынча ой жүгүртүү жана чыгармачыл жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү. Мында автордун теманы өз алдынча ача алуусу, өз көз карашын билдирүүсү, өз сөзүн айтуусу маанилүү болуп саналат.

**Тапшырманы аткаруу тартиби:** 1) сөз боло турган тема боюнча 2 – 3 сүйлөмдөн турган кириш сөз жазуу; 2) автор үчүн, башкалар үчүн да маанилүү деп эсептелген проблеманы чечмелөө; 3) проблемага комментарий берүү; 4) автордун өз пикирин аргументтер менен бекемдөө; 5) жалпылоо, жыйынтык чыгаруу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** жазуу кебин логикалык жактан ырааттуу, аргументтер менен так түзө билүү жөндөмдүүлүгү.

# Адабияттар:


1. Е. В. Гудкова. Основы профориентации и профессионального консультирования [Текст] / Е. В. Гудкова. Под ред. Е. Л. Солдатовой. -Челябинск: ЮУрГУ, 2004. -127 б.
2. Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. Основы профориентологии [Текст] / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. –Москва: Высшая школа, 2005. -159 б. https://www.studmed.ru
3. Калыптандыруучу баалоо. Мугалимдер үчүн колдонмо. 7-модуль. USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоору. -Б., 2018. -33 б.
4. С. К. Овсянникова. Организация профориентационной работы в школе. Методическое пособие [Текст] / С. К. Овсянникова. -Нижневартовск, 2013. -364 б. https://www.studmed.ru
5. С. В. Панина, Т. А. Макаренко. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся: Учебник для академического бакалавриата [Текст] / С. В. Панина Т. А. Макаренко. - Москва: Юрайт, 2014. -312 б.
6. Н. С. Пряжников. Профессиональное самоопределение: теория и практика [Текст] / Н.С.Пряжников. - Москва: Академия, 2007. -501 б.
7. Е. Ю. Сизганова. Основы профориентологии [Текст] / Е. Ю. Сизганова. - Орск, 2010. - 138 б.
8. Е. В. Таточенко. Исторические аспекты становления и развития профориентационной работы в России и за рубежом [Текст] / Е. В. Таточенко // Педагогическое обозрение. №1-2, 2014. –1-4 б. https://npo.tspu.edu.ru

# КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮДӨГҮ НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР ЖАНА КАТЕГОРИЯЛАР

**Максаты:** Кесиптердин классификациясын, кесип таануудагы негизги түшүнүктөрдү, профессиографиянын негиздерин жана изилдөө методдорун талкуулашат, профессиограмма түзүүнү үйрөнүшөт.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- ✓ Кесип таануудагы негизги түшүнүктөргө аныктама беришет;
- ✓ Кесиптик багыт берүүдө кесиптерди классификациялоонун маанилүүлүгүн түшүнүшөт;
- ✓ Эмгектин предмети боюнча кесиптерди типтерге топтоштура алышат;
- ✓ Профессиографиянын негиздерин жана анын изилдөө методдорун интерпретациялашат;
- ✓ Кесиптердин профессиограммасын түзүшөт.

**Таяныч сөздөр:** кесип, квалификация, кесиптик жарамдуулук, кесиптердин классификациясы, кесиптин тиби, кесиптин классы, эмгектин предмети, профессиография, профессиограмма.

**Колдонулган ыкмалар:** ачкыч сөздөр, блиц-суроо, кош тегерек, аукцион, топто иштөө, жекече иштөө.

**Керектелүүчү каражаттар:** интерактивдүү доска же компьютер, проектор, PP слайд, флипчарт, маркер, кайчы, кагаз скотч, түстүү стикерлер.

| Кадамдар | Иштин мазмуну | Эскертүүлөр |
|---|---|---|
| **«Менин инсандык формулам» көнүгүүсү** | **Максаты:** Студенттерди активдештирүү, жагымдуу маанай түзүү.<br><br>**Аткаруу тартиби:** ар бир студент өзүн инсан катары (кызыкчылыктарын, мүнөзүн, шыгын ж.б.) чагылдырган формуланы ойлоп табышы керек. Математикалык белгилерди, түрдүү символикаларды, химиялык элементтердин реакциясын формула катары колдонууга боло турганын эскертип кетиңиз. Студенттер бул тапшырманы аткаргандан кийин жалпы топтун алдында өзү жөнүндө ойлоп тапкан формуласын айтып беришсе болот. Мугалим студенттердин «инсандык формуласындагы» сапаттарга жана жөндөмдүүлүктөргө басым жасап, алардын канчалык ар түрдүү экенин жана кесип тандоодо инсандардын «ар түрдүүлүгүн» эске алуу өтө маанилүү экендигин айтып кетсе болот. | PP слайд<br>2-бет<br><br>Мугалим өзү даярдаган бир үлгүнү доскага чыгарып койсо болот.<br><br>Көнүгүү жалпы топто аткарылат. |

| | | |
|---|---|---|
| **«Кесиптик багыт берүүнүн калыптануу тарыхы» темасына кайтарым байланыш «Кош тегерек» ыкмасы** | **Максаты:** өтүлгөн теманы бышыктоо.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерге суроолорду түзүүдө үй тапшырмасы үчүн берилген суроолорду эске алууну сунуштайт. Студенттер ички жана тышкы тегеректегилер болуп, эки катар бетме-бет турушат. Ар бир жуптагылар бири-бирине алдын ала даярдалган суроолорду беришет. Тышкы тегеректеги студенттер жылып, башкалар менен жуп түзүп, бири-бирине суроо берүүнү улантат. | РР слайд<br>3-бет<br><br>Түстүү стикерлер<br>Мугалим үй тапшырмасын доскага чыгарып коёт.<br>Көнүгүү жупта аткарылат. |
| **Практикалык сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжалары** | **Максаты:** Кесип таануудагы негизги түшүнүктөрдү жана профессиография-нын негиздерин талкуулашат, кесиптерди классификациялашат.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерди сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштырат. | РР слайд<br>4-бет |
| **«Ачкыч сөздөр» ыкмасы** | **Максаты:** кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөрдү «ачкыч сөз» катары келтирүү менен студенттердин лекциялык сабакта алган билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүү.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим өтүлө турган теманын кесип, профессия, квалификация, эмгекке жарамдуулук, кесиптик жарамдуулук, кесиптик жактан өзүн өзү таануу, карьера, кесиптердин классификациясы, кесиптин тиби, кесиптин классы, эмгектин предмети, профессиография, профессиограмма сыяктуу «ачкыч сөздөрүн» (терминдерди) интерактивдүү доскага чыгарат же жазат. Студенттер ар бир «ачкыч сөздүн» маанисин чечмелешет жана жалпы топто талкуулашат. Бул алардын жаңы теманы толук түшүнүүсүнө көмөк көрсөтөт. | РР слайд<br>5-бет<br><br>Мугалим «ачкыч сөздөрдү» доскага чыгарат же флипчартка жазып коёт.<br><br>Көнүгүү жалпы топто аткарылат. |

| | | |
|---|---|---|
| **Практикалык иш «Инсандын кесиптик ниетин аныктоо» көнүгүүсү** | **Максаты:** Е А. Климовдун «Кесиптердин тиби» методикасы боюнча студенттердин кесиптин багыттарына карата ниетин аныктоо.<br><br>**Аткаруу тартиби:** 1. Мугалим студенттерге Е. А. Климовдун өзүн өзү аныктоо программасын таратып берет. Студенттер программадагы өзү макул тапкан пункттарды белгилеп чыгышат. «Кесиптин тиби» боюнча белгиленген пункттардын суммасын чыгарышат. Түрдүү чыккан суммалардын ичинен эң көбү студенттин кесиптик ниетин, б.а., кесиптин кайсы тибине («адам - адам», «адам - техника», «адам – белгилик система», «адам – көркөм образ» же «адам - табият») артыкчылык берерин аныктайт.<br>2. Мугалим: «Кесиптик ниеттин тандап алган кесип менен туура келиши – ийгиликтин ачкычы болуп саналат. Ишке ашпаган кесиптик ниет инсандын толук ачылышына бөгөт болот. Ошондуктан, өз учурунда кызыгуусуна, жөндөмүнө жараша кесипти аныктап алуу абдан маанилүү болуп саналат». | РР слайд 6-бет<br><br>2.1. Т.М.<br><br>Көнүгүү жекече аткарылат. |
| **Практикалык иш**<br><br>**«Аукцион» көнүгүүсү** | **Максаты:** студенттердин кесиптердин түрдүүлүгү жөнүндөгү билимдерин кеңейтүү.<br><br>**Аткаруу тартиби:** 1. Студенттер тегерете турушат. Мугалим студенттерден кезеги менен сандардын ордуна «врач», «мугалим», «экономист», «дизайнер» жана «менеджер» кесиптерин атоону өтүнөт. Аталган кесиптин түрү боюнча студенттер топторго биригишет.<br>2. Кесиптин беш тиби («адам - адам», «адам - техника», «адам – белгилик система», «адам – көркөм образ», «адам - табият») боюнча «Аукцион» өткөрүшөт. Ар бир топ өзүнө бөлүнгөн типке кирген кесиптерди жазышат. Тапшырманы аткарганга 2-3 мүнөт берилет. Кесиптердин түрлөрүн көп жазган топ биринчи окуйт, ал эми калган топтор айтылбаган кесиптерди толуктап айтышат. Ошондой эле азыркы заманбап кесиптер бир нече типке кирерин талкулашат. | 2.2. Т.М. тиркемесиндеги кесиптердин матрицасын колдонууга болот.<br><br>Көнүгүү чакан топтордо аткарылат. |

| | | |
|---|---|---|
| | 3. Мугалим: «Кесиптерди типтерге ажыратуу шарттуу мүнөзгө ээ. Себеби, кайсы гана кесипти албайлы, аны тигил же бул кесиптин тибине кирет деп так айтуу кыйын. Айталы, юристтер көбүнчө адамдар менен иштейт, ошол себептен бул кесипти «адам - адам» тибине киргизүүгө болот. Бирок юристтер адамдар менен гана эмес, тексттик маалыматтар (документтер, мыйзамдар) менен да иштешет. Ошондуктан, юристтерге «адам – белгилик система» тибиндеги кесиптерге мүнөздүү өзгөчөлүктөр да таандык» - деп жыйынтыктайт.<br>4. Жыйынтыктарды талкуулоо.<br><br>**Талкуу үчүн суроолор:**<br>1) Өзүңүз үчүн буга чейин белгисиз болгон кесиптин кайсы түрүн ачтыңыз?<br>2) Кесиптердин түрдүүлүгү жөнүндөгү билим сизге эмне берет? | |
| **«Блиц-суроо» ыкмасы** | **Максаты:** Блиц-суроо мугалимге кыска убакыттын ичинде студенттердин жаңы маалыматты өздөштүрүү деңгээли тууралуу маалымат берет.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерге блиц-суроону окуп берип, суроолорго жооп алат.<br>- Профессия термининин кыргыз тилиндеги мааниси?<br>- Эмгектин бөлүнүшүнө эмне түрткү берген?<br>- Адистик деген эмне?<br>- Карьеранын кыргыз тилиндеги мааниси?<br>- Азыркы учурда дүйнө жүзүндө кесиптин канча түрү бар?<br>- Эмгектин предметине карай кесиптер канча типке бөлүнөт?<br>- Профессиография качан калыптанган?<br>- Профессиограмма деген эмне? | РР слайд 7-бет<br><br>Мугалим студенттерге блиц-суроого кыска убакыттын ичинде жооп талап кылынарын эскертет. |
| **Жыйынтык** | Сабактын аягында мугалим төмөнкүчө жыйынтык чыгарат: «Бүгүнкү сабакта кесип таануунун негизги түшүнүк аппаратын, кесиптердин классификациясын жана профессиографиянын негиздерин талкууладык. Ошондой эле кесиптердин көп түрдүүлүгү боюнча, Е. А. Климовдун «Кесиптердин тиби» методикасынын негизинде кесиптик ниетти аныктоо боюнча практикалык иштерди аткардык». | |

| | | |
|---|---|---|
| **Үй тапшырмасы** | 1-тапшырма. Ишмердүүлүктүн бардык чөйрөсүнө илимий прогресстин сүңгүп кириши менен кесиптер дүйнөсү өзгөрүүгө учурап, алардын айрымдары жок болуп, тескерисинче, жаңы кесиптер пайда болууда. Болушунча кесиптердин көп түрүн таап, төмөнкү топторго бөлүштүрүп жазышат:<br>1) Акыркы он жылда пайда болгон кесиптер.<br>2) Жок болуп кеткен кесиптер.<br>2-тапшырма. Тиркемеде берилген үлгүнүн негизинде студенттер өз тандоосу менен бир кесиптин профессиограммасын түзүп келишет. | РР слайд 8-бет<br><br>2.3. Т.М. |

# Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар:

**А) Кесиптердин классификациясы боюнча презентация даярдоо**

**Өз алдынча иштин максаты:** 1) окуу материалын өздөштүрүү (бекемдөө, жалпылоо, системага салуу); 2) IT технологиялар менен иштөө мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган инструменталдык компетенциялардын калыптанышы.

**Тапшырманы аткаруунун тартиби:** 1) долбоорлоо этабы: а) презентацияны колдонуу максатын аныктоо; б) керектүү материалдарды топтоо (тексттер, сүрөттөр, схемалар ж.б.). 2) конструкциясын түзүү этабы: а) MS Power Point программасын тандоо; б) слайддын дизайнын аныктоо; в) слайддарга топтолгон материалдарды белгилүү ырааттуулукта киргизүү; г) ылайыгына жараша анимация коюу. 3) моделдештирүү этабы: даярдалган материалды текшерүү, көрсөтүү убактысын аныктоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** 1) студенттерди азыркы маалымат мейкиндигине интеграцияланышын камсыздоо; 2) кесибине тиешелүү маалыматты талдоо, жалпылоо жөндөмдүүлүгү; 3) түрдүү билим берүү мекемелеринде заманбап методиканы жана технологияны колдонуу жөндөмдүүлүгү.

**Б) «Кесиптик багыт берүүнүн түшүнүк аппараты» темасын конспектилөө**

**Өз алдынча иштин максаты:** конспект түрүндө теориялык жана практикалык маселелерди жазуу формасында сабаттуу баяндоо көндүмүн өнүктүрүү.

**Тапшырманы аткаруу тартиби:** 1) конспект жазуунун максатын аныктоо; 2) текстин аталышын жазуу; 3) тексттин авторунун аты-жөнүн жазуу; 4) тексттин негизги жоболорун көрсөтүү; 5) түшүндүрүүнү талап кылган түшүнүктөрдү, терминдерди бөлүп көрсөтүү; 6) окулган материалдын негизги жоболорун ырааттуулукта, кыска жана так өз сөзү менен баяндоо; 7) негизги жоболор боюнча жыйынтыктарды баяндоо; 8) цитата келтирүүнүн эрежелерин сактоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын анализдей алуу жана конкреттүү илимий изилдөө милдеттерин чечүүдө колдоно билүү жөндөмдүүлүгү.

# Адабияттар:


1. Е. В. Гудкова. Основы профориентации и профессионального консультирования [Текст] / Е. В. Гудкова. Под ред. Е. Л. Солдатовой. - Челябинск: ЮУрГУ, 2004. - 127 б.
2. Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. Основы профориентологии [Текст] / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. – Москва: Высшая школа, 2005. -159 б. https://www.studmed.ru
3. Овсянникова С. К. Организация профориентационной работы в школе. Методическое пособие [Текст] / С. К. Овсянникова. - Нижневартовск, 2013. - 364 б. https://www.studmed.ru
4. С. В. Панина, Т. А. Макаренко. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся: Учебник для академического бакалавриата [Текст] / С. В. Панина, Т. А. Макаренко. - Москва: Юрайт, 2014. - 312 бс.
5. Н. С. Пряжников. Профессиональное самоопределение: теория и практика [Текст] / Н.С.Пряжников. - Москва: Академия, 2007. -501 б.
6. Е. Ю. Сизганова. Основы профориентологии [Текст] / Е. Ю. Сизганова. - Орск, 2010. -138 б.

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ ИШТЕРИН УЮШТУРУУ

**Максаты:** студенттер мектепте кесипке багыт берүү боюнча уюштуруу иштерине кимдер жооптуу экенин так аныктап, класс жетекчинин милдети, негизги багыттарын өздөштүрүп, кесипке багыт берүү боюнча иштөө ыкмаларын үйрөнүшөт.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- ✓ билим берүү тармагындагы кесипке багыт берүү концепциялары жөнүндө түшүнүк алат;
- ✓ мектепте кесипке багыт берүүнүн максат, милдеттерин билет;
- ✓ мектеп администрациясы жана китепканачы, психолог, предметтик мугалимдин кесиптаанууда аткара турган милдеттерин ажырата алат;
- ✓ класс жетекчинин негизги функциясы менен таанышат;
- ✓ класс жетекчинин иштеринин негизги багыттарын өздөштүрөт;
- ✓ кесипке багыт берүүдө класс жетекчи колдоно турган ыкмаларды аныктайт.

**Таяныч сөздөр:** билим берүүнүн концепциясы, функция, багыт, ыкма, маалымат берүү ыкмасы, кесиптик-психодиагностикалык ыкма, моралдык-эмоционалдык ыкма.

**Колдонулган ыкмалар:** муз жаргыч, акыл калчоо, топ менен иштөө, жупта иштөө, имитация.

**Керектүү каражаттар:** флипчарттар, маркерлер, кайчы, кагаз скотч, ак жана түстүү кагаз, түстүү стикерлер.

| Кадамдар | Иштин мазмуну | Эскертүүлөр |
|---|---|---|
| **«Менин ысымымдын баш тамгасы» көнүгүүсү** | **Даярдык:** Студенттер менен саламдашып жагымдуу маанай түзүү<br>**Аткаруу тартиби:** Студенттер ар бири өзүнүн атынын баш тамгасы менен башталган сөз менен саламдашышып, бир сын атооч менен сыпатташат. Ойлонууга 1 мүнөт берилет. Мисалы, Саламатсызбы, мен сабырдуу Сабина. | Мугалим студенттер бири айткан саламдашууну экинчиси кайталап айтпоосуна көңүл буруу керек<br>PP слайд<br>1-бет |
| **«Кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар» темасына кайтарым байланыш** | **Аткаруу тартиби:**<br>1-тапшырма. Студенттер кесиптерди төмөнкү топторго бөлүштүрүп келишкен:<br>1) акыркы он жылда пайда болгон кесиптер;<br>2) жок болуп кеткен кесиптер;<br>2-тапшырма. Берилген үлгүнүн негизинде түзүлгөн профессиограммасын презентациялашат. | Көнүгүү жекече аткарылат. |

| | | |
|---|---|---|
| **Акыл калчоо** | **Даярдык:** Темага киришүү алдында студенттерге суроо менен кайрылып талкуу уюштуруу<br><br>**Аткаруу тартиби:** Студенттерге суроо берилет:<br>Мектептерде кесипке багыт берүү ишин уюштурууда кимдер жооптуу?<br>Кесипке багыт берүү боюнча кандай иштер уюштурулат? | Студенттердин баарынын ойлорун угууга аракет кылыңыз.<br><br>PP слайд<br>2-бет |
| **Сабактын темасы, максаты менен тааныштыруу** | **Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерди сабактын темасы, максаты жана күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштырат. Сабакта кайсы таяныч сөздөргө көңүл буруу керектигине басым жасайт. | PP слайд<br>3-бет |
| **Топко бөлүү** | **Даярдык:** Үстөлдүн үстүнө түстүү сүрөттөр жайылып коюлат.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Үстөлдүн үстүндө жайылып турган түстүү сүрөттөрдөн бирден алышат. Сүрөттөрдүн окшоштугу боюнча топтошот.<br>• директорлор;<br>• тарбия иштери боюнча директордун орун басары;<br>• предметтик мугалим;<br>• соцпедагог/психолог;<br>• китепканачы;<br>• класс жетекчи. | 4.1 Т.М. |
| **Топтук иш** | **Даярдык:** Топторго флипчарт, маркер берилет<br><br>**Аткаруу тартиби:** Студенттер топтошуп отургандан кийин тапшырма берилет.<br><br>Суроо:<br>1. Мектепте директору, тарбия иштери боюнча директордун орун басары, предметтик мугалим, соцпедагог, китепканачы жана класс жетекчи кесипке багыт берүү боюнча кандай жумуштарды аткарат? Эмнеге жооптуу? Кесипке багыт берүү боюнча кандай иш-чараларды уюштурат?<br>Ушул суроолордун үстүндө ар бир топ өзүнүн багыты боюнча презентация даярдайт. | PP слайд<br>4-бет<br><br>4.2 Т.М. |

| | | |
|---|---|---|
| | Баары тапшырманы аткаргандан кийин  презентацияларды угуп, талкуу жүргүзүлөт.<br><br>Топ менен иштөөдө мектепте директор, тарбия иштери боюнча директордун орун басары, соцпедагог, китепканачы, предметтик мугалим жана класс жетекчинин кесипке багыт берүү иштерин уюштуруусу боюнча таанышышат. Презентациядан кийин кошумча мини-лекция окулат. | |
| **Топко бөлүү** | **Даярдык:** Студенттер 3 топко бөлүштүрүлөт.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Аты аталган 3 студент ортого чыгышат. Биринчи  3 студентке «Ким менен жупта иштегилери келерин?» сурап, студенттин тандоосуна мүмкүндүк берилет.<br><br>Кийинки 3 студентке «Студенттердин ичинен эң активдүүсүн» таңдоого мүмкүнчүлүк берилет. Андан кийинки 3 студентке «Кимдин каллиграфиясы сулуу?» деген суроо менен дагы 3 студентти тандоого мүмкүнчүлүк берилет. Кийинки студентке «Студенттердин ичинен эң так, кечикпегенин»  тандоого мүмкүнчүлүк берилет.  Ошентип 3 топ түзүлөт. | Топко бөлүштүрүүнүн бул ыкмасын тандап алганда алдын ала 3 топ керек болсо студенттер баарына бирдей бөлүнө турган санда болушу зарыл |
| **«Имитация» ыкмасы** | **Аткаруу тартиби:** Кесипке багыт берүүдө класс жетекчи колдоно турган ыкмалар менен иш алып барышат.<br>1-топ: Маалымат берүүчү ыкма;<br>2-топ: Кесиптик психодиагностикалык ыкма;<br>3-топ: Моралдык-эмоционалдык ыкма.<br> Ар бир топ өзүнө тиешелүү ыкмаларды окуп, карап чыгышат. Ошол ыкманын бир үлгүсүн даярдап, класс жетекчи катары көрсөтүп берет. Имитациялоо.<br>Мисалы, 1-топ кесиптер тууралуу кыскача мүнөздөмөнү окуучуларга  кантип беришет?<br><br>Мында кесиптер тууралуу кыскача мүнөздөмөнү маалымат берүү ыкмасын колдонуп туурап, аткарып беришет. | 4.3 Т.М. |

| | | |
|---|---|---|
| **Жыйынтык: «Мугалимдин сөзү» ыкмасы** | **Мугалимдин сөзү:** Мектепте кесипке багыт берүү иштерин уюштурууда мектеп администрациясы эмнелерге жооптуу экендигин карап чыктык. Предметтик мугалим да, китепканачы да кесипке багыт берүү ишин жүргүзөрүн билдик, соцпедагог окуучу менен класс жетекчинин ортосундагы көпүрөнү түзүп, кесипке багыт берүүдө өзүн-өзү таануу процессине түрдүү анкета, сурамжылоо аркылуу катышат. Класс жетекчи кесипке багыт берүү ишин уюштуруучу, багыт берүүчү катары окуучуларды өздөрүнүн өздүк каалоолорун, кызыгууларын жана жөндөмдүүлүктөрүн билүүгө, өзүн анализдеп, өзүн-өзү баалоого, өз мүмкүнчүлүктөрүн эске алууга, өз алдынча тандоого, кесиптердин келечеги боюнча анализ жүргүзүүгө, окуу жайлардын вариантгарына таянууга үйрөтүү керек экендигин бүгүнкү сабакта карадык. Класс жетекчи кесипке багыт берүү ишин уюштурууну үч ыкма менен ишке ашырарын колдонуп көрдүк. Ушул каралган маселелерди тереңдетүү үчүн тапшырма берилет. | |
| **Үй тапшырмасы** | Мектептерге барып кесипке багыт берүү иштерин уюштурууда мектеп администрациясынын, китепканачынын, класс жетекчинин, предметттик мугалимдин жана соцпедагогдун иш-аракеттери, пландары менен таанышып, маалыматтарды даярдап келишет. | Тапшырманы өз алдынча аткарышат. |

# Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар:

**А)Билим берүү тармагындагы кесипке багыт берүү концепциялары**

**Б) Класс жетекчинин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары**

**Ишти аткаруу формасы:** конспект жазуу

**Өз алдынча иштин максаты:** конспект түрүндө теориялык жана практикалык маселелерди жазуу формасында сабаттуу баяндоо көндүмүн өнүктүрүү. Конспект (лат. conspectus «баяндоо») – түпкү тексттеги маалыматтын мазмуну кыска, так, логикалык ырааттуулукта берилген жазуу тексти.

**Тапшырманы аткаруу тартиби:** 1) конспект жазуунун максатын аныктоо; 2) текстин аталышын жазуу; 3) тексттин авторунун аты-жөнүн жазуу; 4) тексттин негизги жоболорун көрсөтүү; 5) түшүндүрүүнү талап кылган түшүнүктөрдү, терминдерди бөлүп көрсөтүү; 6) окулган материалдын негизги жоболорун ырааттуулукта, кыска жана так өз сөзүң менен баяндоо; 7) негизги жоболор боюнча жыйынтыктарды баяндоо; 8) цитата келтирүүнүн эрежелерин сактоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** илимий-изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын анализдей алат, негизги ойду ирээти менен кыскача бергенге көнүгөт; ой жүгүртүүгө, анын жыйынтыгын жазуу кепте туура жана ишенимдүү көрсөтө алат.

# Адабияттар:


1. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1–11-класстары үчүн тарбия иштеринин программасы//Түзүүчүлөр: Г. А. Жумабаева, Б. Б. Алымбаева, К. К. Акматов – Б., 2020. http://kao.kg
2. Инсанга багытталган окутууда окуп-үйрөнүү процессин уюштуруу. Түз.: А.М. Аликова, Ж.Д. Асекова. – Б., 2012, 200б.
3. А. Мамытов. Модернизация системы образования Кыргызской Республики[Текст] / А. Мамытов. Бишкек, 2014. 296 б.
4. Мектеп окуучуларынын кесипке багыт алуусун уюштуруу/ 9-11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо: - түзүүчү М.Иманкулова, Л.Огонбаева, А. Ниязова. – Б.: 2020, 75 б.
5. С.К. Овсянникова. Организация профориентационной работы в школе: Методическое пособие. — Нижневартовск: Изд-во Нижневарт. гос. ун-та, 2013. — 362 б.
6. Ө. Саалаев. Окутуунун интерактивдүү усулдары. – Б., 2009.

# МЕКТЕП ПРОГРАММАСЫНДА КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Максаты:** студенттер жалпы билим берүүчү мектептерде колдонулуучу программалар менен таанышып, тарбиялык иштердин программасынан кесипке багыт берүүгө багытталган темаларды талдап, өз алдынча иштеп чыгып, сунушташат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- ✓ жалпы билим берүүчү мектептерде колдонулуучу программалар менен таанышат;
- ✓ окуу программасы менен тарбиялык иштердин программасын салыштырат;
- ✓ тарбиялык иштердин программасындагы темаларды анализдейт;
- ✓ программада кесиптик багыт берүүгө багытталган темаларды ажыратат, талдайт;
- ✓ кесиптик багыт берүү боюнча кошумча темаларды сунуштайт.

**Таяныч сөздөр:** концепция, окуу, тарбиялоо, кесип, окуу программа, тарбиялык иштердин программасы, структура, кесипке багыт берүү.

**Колдонулган ыкмалар:** акыл чабуулу, топто иштөө, жупта иштөө, мини-лекция.

**Керектелүүчү каражаттар:** флипчарт, маркер, кайчы, кагаз скотч, ак жана түстүү кагаз, түстүү стикерлер.

| Кадамдар | Иштин мазмуну | Эскертүүлөр |
|---|---|---|
| **«Саламдашуу + жаңсоо» көнүгүүсү** | **Даярдык:** Студенттер менен саламдашып жагымдуу маанай түзүү.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Студенттер тегерете турушат, саат жебесинин багыты боюнча бири-бири менен учурашышат. Саламдашууну жаңсоо менен коштошот. Мисалы, Сааламатсызбы, аракетчил Гулназ!<br><br> | Мугалим саламдашууда бири колдонгон жаңсоонун түрүн экинчиси кайталабоосуна көңүл буруусу зарыл.<br><br>5.1 Т.М. |

| | | |
|---|---|---|
| **«Жалпы билим берүү мекемелеринде кесипке багыт берүү иштерин уюштуруу» темасына кайтарым байланыш** | **Даярдык:** Студенттерге циферблат тартылган таркатма таркатылат.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Айталык, саат 13.00 төн 17.00 ге чейинки жолугушууну пландаштыруу керек. Ал үчүн циферблат тартылган таркатма берилет, саатын огунан 13.00 төн 17.00ге чейинки жебелерди сызышат. Ар бир жебеге ким менен жолугарды белгилешет. Мисалы: Мен (Назгул) саат 13.00төө Айнура менен, саат 14.00 тө Чынара менен жолугам. ж.б.<br><br>Ар бир жолугушууга барганда атайын даярдалган суроолор берилет, баарлашуу ошол суроолордун негизинде жүрөт.<br><br>**Суроолор:**<br>1. Билим берүүнүн концепцияларында эмнелер камтылган?<br>2. Мектепте кесипке багыт берүү иштерин уюштуруунун максаты жана милдеттери кайсылар?<br>3. Кесипке багыт берүү иштерин кимдер уюштурат?<br>4. Класс жетекчинин иш алып баруудагы негизги багыттарын атагыла.<br>5. Кесипке багыт берүүдө класс жетекчи кандай иштерди уюштурат? | Ар бир жолугушууда убакыт бегиленет, жана мугалим студенттердин ортосундагы сүйлөшүүлөрдү көзөмөлдөп туруусу керек. Жолугушуу бүткөндөн кийин ар бир суроону кыскача жыйынтыктайт.<br><br>5.2 Т.М. |
| **Практикалык сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштыруу** | **Аткаруу тартиби:** Студенттерди сабактын темасы, максаты менен тааныштырат. Студенттер менен бирге максаттын негизинде күтүлүүчү натыйжаларды ишеп чыгып, флипчартка жазышат. Жалпы толукташат. | Сабактын темасын, максатын флипчартка же доскага алдын ала жазып коюу керек. |
| **Топко бөлүү: «Менин фигурам»** | **Даярдык:** Студенттерге геометриялык фигуралар таркатылат.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Студенттер өздөрү тандап алган фигуралары боюнча унчукпастан (кайсы бир окшоштуктун негизинде) топторду түзүшөт. | Ар бир студент өзүнө жаккан фигураны тандап алышына мүмкүнчүлүк түзүңүз<br><br>5.3 Т.М. |

| | | |
|---|---|---|
| **Топто иштөө** | **Даярдык:**<br>Ар бир топко алдын ала даярдалган окуу программалары таркатылат.<br>1-топ: Кыргыз тили боюнча окуу программасы<br>2-топ: Кыргыз адабияты боюнча окуу программасы<br>3-топ: Тарбиялык иштердин программасынын структурасы<br>4-топ: Тарбиялык иштердин программасында класстан тышкаркы иштердин берилиши<br><br>**Аткаруу тартиби:** Ар бир топко мектепте колдонулуучу программалар берилет, бул программалар боюнча лекцияда да кеңири маалымат берилген ал программа менен таанышышат. Ар бир топ өзүнө берилген программаны дыкат карап чыгып, программанын мазмунуна көңүл бурушат. Темалар кандай берилген, класстарга кандай бөлүштүрүлгөнүн анализдеп, талкуулап, андан кийин презентация жасашат.<br>Бул жерде презентациялоо үчүн презентациянын түрлөрү сунушталат, ар бир топ өзү тандаган үлгүнүн негизинде презентация даярдайт.<br>Презентациянын түрлөрү сунушталат: кластер, графикалык уюштургучтар (ырааттуулук, сөздүн картасы, хронологиялык таблица). | Ар бир топко окуу программасын жетерлик даярдап алуу шарт<br><br>Презентациянын түрлөрүн флипчартка алдын-ала жазып койгон оң. |
| **Жупта иштөө** | **Даярдык:** Тарбиялык иштердин программасында класстар боюнча кесипке багыт берүүнүн берилишин талдап, жупта иштешет.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Студенттер эки-экиден болуп бөлүнүшөт:<br>1.Башталгыч класс<br>2.5-класс<br>3.6-класс<br>4. 7-класс<br>5.8-класс<br>6. 9-класс<br>7.10-класс<br>8.11-класс | Ар бир жупка тарбиялык иштердин программасы берилет. |

| | |
|---|---|
| | Программалар боюнча жалпы маалымат алышат. Эми негизги темага кайрылсак, кесипке багыт берүү боюнча темалар тарбиялык иштердин планында кандай берилгендигин, ар бир жуп өзүнүн классы боюнча темаларды талдап чыгып, к.б.б. боюнча темаларды бөлүп, талкуулап, кошумча темаларды сунушташат. |
| **Жыйынтык** | **Мугалим сөзү:** Биз, силер менен бүгүнкү сабакта  мектепте колдонулуучу программалардын жалпы структурасын карап чыктык, анын ичинен тарбиялык сабактын программасы менен салыштырдык. Тарбиялык иштердин программасындагы кесипке багыт берүү боюнча берилген темаларды анализдедик, кошумча сунуштарды айттык. |
| **Үй тапшырмасы** | «Кесипке багыт берүүнүн программасын» 4 топко бөлүнүп, иштеп келишет.<br><br>1-топ: Башталгыч класстардагы кесипке багыт берүүнүн программасы<br>2-топ: Ортоңку класстардагы кесипке багыт берүүнүн программасы<br>3-топ: Жогорку класстардагы кесипке багыт берүүнүн программасы<br>4-топ: Кесипке багыт берүү боюнча класстан тышкаркы иштердин темалары |

# Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар:

**А) Кесипке багыт берүү боюнча программасын иштеп чыгуу**

**Иштин аткаруу формасы:** долбоордук иш

**Өз алдынча иштин максаты:** божомолдоо, долбоорлоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү. Долбоор – бул жаңы өнүмдү жаратууга багытталган иштер, пландар, иш-чаралар ж.б. милдеттер.

**Тапшырманы аткаруу тартиби:** 1) кырдаалды диагноздоо; 2) долбоорлоо (максат-милдеттердин аныкталышы; милдеттерди чечүүнүн каражаттарын жана методдорун теориялык моделдөө; конкреттүү милдеттерди чечүүнүн этаптарын иштеп чыгуу; алынган жыйынтыктарды жалпылоо жана системага келтирүү, долбоордогу иш-аракетти кадамдап аткаруу); 3) рефлексия (алынган жыйынтыктардын коюлган максаттарга дал келишин ачыктоо; анын өнүгүү жана колдонуу перспективасы).

**Күтүлүүчү натыйжалар:** бири-бири менен кызматташуу билгичтиги; ар түрдүү функцияларды аткаруу менен, командада натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүүлүгү өнүгөт; жаңы кырдаалды жана анын натыйжаларын баалоого, ага ылайыкташууга аракеттенет; долбоордук ишмемердүүлүк көндүмүнө ээ болот.

**Б) Тарбиялык иштердин программасынын структурасын, тарбиялык сааттардын мазмунун анализдөө**

**Иштин аткаруу формасы:** презентация даярдоо

**Өз алдынча иштин максаты:** 1) окуу материалын өздөштүрүү (бекемдөө, жалпылоо, системага салуу); 2) IT технологиялар менен иштөө мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган инструменталдык компетенциялардын калыптанышы. Презентация – бул мультимедия технологияларын колдонуу менен окуу материалынын мазмунун сунуштоо.

**Тапшырманы аткаруу тартиби:** 1) долбоорлоо этабы: а) презентацияны колдонуу максатын аныктоо; б) керектүү материалдарды топтоо (тексттер, сүрөттөр, схемалар ж.б.). 2) конструкциясын түзүү этабы: а) MS Power Point программасын тандоо; б) слайддын дизайнын аныктоо; в) слайддарга топтолгон материалдарды белгилүү ырааттуулукта киргизүү; г) ылайыгына жараша анимация коюу. 3) моделдештирүү этабы: даярдалган материалды текшерүү, көрсөтүү убактысын аныктоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** маалыматтарды интерпретациялоо, талдоо, чогултуу жана аларды бүткөн формага келтирүү көндүмүнө ээ болушат; ар түрдүү тармактардагы заманбап билимдерге (концепциялар, теориялар, методдор, техникалар) ээ жана аны түшүнүү жөндөмү калынтанат; IT технологияларды колдонуу көндүмүн өнүктүрөт.

# Адабияттар:


1. И.Б. Бекбоев. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. — Бишкек, 2011. — 384 б.
2. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1–11-класстары үчүн тарбия иштеринин программасы//Түзүүчүлөр: Жумабаева Г. А., Алымбаева Б. Б., Акматов К. К. – Б., 2020. http://kao.kg
3. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 5–11-класстары үчүн кыргыз тили боюнча программа: - Б.: «ТАС», 2018.
4. Инсанга багытталган окутууда окуп-үйрөнүү процессин уюштуруу. Түз.: А.М.Аликова, Ж.Д.Асекова. – Б., 2012, 200б.
5. Мектеп окуучуларынын кесипке багыт алуусун уюштуруу/ 9–11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо: - түзүүчү М.Иманкулова, Л.Огонбаева, А. Ниязова. – Б.: 2020, 75 б.
6. Мехмет Ташпыңар, А. Алимбеков. Окутуунун жалпы методдору. – Б., 2008.
7. Ө. Саалаев. Окутуунун интерактивдүү усулдары. – Б.:, 2009.

# ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫЛАРГА КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Максаты:** студенттер кесипке багыт берүүдө курак өзгөчөлүгүн эске алуу менен башталгыч класстарда, ортоңку класстарда жана жогорку класстарда кесипке багыт берүүнү туура уюштурушат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

✓ мектеп окуучуларынын курак өзгөчөлүгү боюнча маалымат алат;

✓ кесип жөнүндө маалымат башталгыч класстан башталарын билет;

✓ өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүгүн аныктайт;

✓ жогорку класстын окуучуларына кесиптик багыт берүүдө өспүрүм курактагылар менен салыштырат, анализдейт;

**Таяныч сөздөр:** курак өзгөчөлүк, жеткинчек, эрте өспүрүм курак, өспүрүм курак, социалдык абал.

**Колдонулган ыкмалар:** акыл чабуулу, биографиялык метод, топто иштөө, жупта иштөө, мини-лекция.

**Керектелүүчү каражаттар:** флипчарттар, маркерлер, кайчы, кагаз скотч, ак жана түстүү кагаз, түстүү стикерлер.

| Кадамдар | Иштин мазмуну | Эскертүүлөр |
|---|---|---|
| **«Мен билгем… Мен билген эмесмин….» көнүгүүсү** | **Даярдык:** Студенттер менен саламдашып жагымдуу маанай түзүү<br>**Аткаруу тартиби:** Студенттер жупта иштешет, бир-бири менен баарлашуу аркылуу буга чейин билген жана биле элек эки маалыматты алып чыгышы керек. Мисалы, Мен Сабинанын ыр жазарын билгенмин, Сабина комузда да ойнорун мен билген эмесмин. | PP слайд 1-бет. |
| **«Мектеп программасында кесиптик багыт берүү маселелери» темасына кайтарым байланыш** | **Аткаруу тартиби:** 4 топ кесипке багыт берүүнүн программасын төмөнкү бөлүштүрүү менен даярдап келишет: Башталгыч класстардагы кесипке багыт берүүнүн программасы, Ортоңку класстардагы кесипке багыт берүүнүн программасы, Жогорку класстардагы кесипке багыт берүүнүн программасы, Кесипке багыт берүү боюнча класстан тышкаркы иштердин темалары.<br>Ар бир топ үйгө берилген тапшырманы презентациялайт.<br>Үйгө берилген тапшырмалардын презентациясын карап, толуктап, кошумчалап жыйынтыкташат. Ушул программаны дагы тереңдеп иштөө үчүн студенттин өз алдынча иши «долбоорлук иш» катары берилет. | Студенттин өз алдынча иши бир студентке эмес топко 3 же 4 студентке берилет. |

| | | |
|---|---|---|
| **«Өмүрдөгү олуттуу окуялар» ыкмасы** | **Даярдык:** Стикерлерге «жеткинчек курак», «өспүрүм курак», «жетилген курак» деп алдын ала жазылып коюлат.<br>**Аткаруу тартиби:** Стикерлерден бирден алышат. Стикерде жазылган курак боюнча жашоосунда олуттуу окуяны айтып беришет.<br>Жеткинчек курактагы:<br>Өспүрүм курактагы:<br>Жетилген курактагы:<br>Жыйынтыгында студенттер жаш курак өзгөчөлүгү боюнча өмүрүндөгү олуттуу окуяны айтканда, кайсы куракта канчалык жакшы эсте калары боюнча талкуулап, темага киришүү жасалат. | 6.1 Т.М. |
| **Сабактын темасы, максаты менен тааныштыруу** | **Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерди сабактын темасы, максаты жана күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштырат. Сабакта таяныч сөздөргө көңүл буруу керектигине басым жасайт. | РР слайд 2-бет |
| **Тест менен иштөө** | **Даярдык:** Студенттерге алдын ала даярдалган тесттер таркатылып берилет.<br>**Аткаруу тартиби:** Студенттер окуучулардын жаш өзгөчөлүгү боюнча тестти өз алдынча белгилешет. Тестти белгилегенден кийин суроолор боюнча талкуу жүрөт. | 6.2 Т.М. |
| **«Мини-лекция» ыкмасы** | **Аткаруу тартиби:** Кесип тууралуу маалыматты бир гана мектептен эле эмес, маалымат каражаттарынан да алат. Бирок мектеп кесип боюнча маалыматты түздөн-түз берген субьект катары кызмат кылат. Мектеп башталгыч класстан баштап окуучуга кесип боюнча  багыт берип, мектепти бүткөндө туура кесип тандоого жол көрсөтөт.<br>Мектепте кесипке багыт берүү иштери туура пландаштырылбай, окуучу кесиптер боюнча теориялык билими, маалыматы жетишсиз болуп, кесиптерге тиешелүү көндүмдөрү калыптанбаса, өзүн-өзү таанып биле албаса туура кесип тандай албайт. Ошондуктан мектепте кесипке багыт берүүдөгү иш-аракеттер  окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө карата жүргүзүлүшү керек.<br>Кесипке багыт берүүдө ар бир курактын өзгөчөлүгү эске алуу менен<br>төмөнкүдөй 3 топко бөлүп карайбыз:<br>1. Башталгыч класстар ( жеткинчек курак (7-12 жашка чейин);<br>2. Ортоңку класс (13-14 жаш эрте өспүрүм курак);<br>3. Жогорку класс ( 15-18 жаш балдар, кыздар). | РР слайд 4-5-беттер. |

| | | |
|---|---|---|
| **Топто иштөө** | **Даярдык:** флипчартта суроо алдын ала жазылат да, 3 ыктыярчы даярдалат.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Студенттер флипчартта жазылып турган 3 суроо менен таанышышат.<br>1. Башталгыч класстын окуучуларына кесипке багыт берүүнү кантип жүргүзөбүз?<br>2. Ортоңку класста кесипке багыт берүүдө эмнелерге көнул бурушубуз керек?<br>3. Жогорку класстар менен иштөөдө кесипке багыт берүү боюнча кандай иш чараларды уюштурабыз?<br>Ушул 3 суроонун үстүндө иш жүргүзүлөт. Алгач жардам берүүгө 3 ыктыярчы даярдалат. Ыктыярчылар даяр болгондон кийин, студенттер баары ордунан туруп, флипчарттагы 3 суроого тең өз ойлорун билдиришет. Ыктыярчылар студенттердин ойлорун жазып турушат. Бардык ойлор айтылгандан кийин ыктыярчылар презентациялайт. Жалпы талкуу болот. | Студенттерди ыктыярчынын жанына барып суроого өз оюн айтуусун көзөмөлдөө керек. Кээ бир студенттер бир суроого оюн айтып, калган суроолорго көңүл бурбай калышы мүмкүн. |
| **Топко бөлүү «Санак аркылуу»** | **Аткаруу тартиби:** Студенттер 1ден 3 кө чейин саноо менен 3 топко бөлүнүшөт.<br>1-топ:башталгыч класс<br>2-топ:ортоңку класс<br>3-топ:жогорку класс | |
| **Топто иштөө** | **Аткаруу тартиби:** Биринчи топ класс жетекчи катары башталгыч класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен кесипке багыт берүү боюнча иш план түзүшөт. Экинчи топ ортоңку класстар үчүн жаш курагын эске алуу менен кесипке багыт берүү боюнча класстан тышкаркы иштердин планын түзүшөт. Үчүнчү топ жогорку класстар үчүн мектептен тышкаркы кесипке багыт берүү боюнча иш план түзүшөт. Иш пландарын презентациялайт. Талкуу жүрөт. | Ар бир топ болжолдуу иш пландарын түзүшөт. |
| **Жыйынтык** | **Аткаруу тартиби:** Сабак 3 суроо менен жыйынтыкталат:<br>Эмне маанилүү болду?<br>Кайсы таяныч сөздөр эсте калды?<br>Бүгүнкү тема боюнча менин суроом...<br>Ушул үч суроо стикерге жазып, андан кийин окушат. | Стикерлерди алдын ала таркатып беребиз |
| **Үй тапшырмасы** | Ар бир топ өздөрү түзгөн иш пландарын кошумчалап, толуктоолорду киргизип кийинки сабакка даярдап келишет. | |

# Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар:

А) Башталгыч класстын окуучуларына кесип жөнүндө түшүнүк берүү.

Б) Өспүрүм курактагыларга  кесипке багыт берүү.

В) Жогорку класстын окуучуларына кесиптик багыт берүү.

**Иштин аткаруу формасы:** Реферат жазуу.

**Өз алдынча иштин максаты:**  студенттин илимий кругозорун кеңейтип, теориялык изилдөө жүргүзүүнүн методдорун колдоно билүүгө көнүктүрөт, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Реферат (лат. refere — баяндоо, кабарлоо) – жаңы маалыматтарды алуу максатында илимий булактын текстин өз алдынча түшүнүү жана чыгармачыл кайра жаратуу.

**Тапшырманы аткаруу тартиби:** 1) сунушталган темалардын ичинен бир теманы тандап алуу; 2) иштей турган илимий булактарды аныктап алуу; 3) аныкталган илимий булактарды окуп чыгуу, алына турган материалдарды системалаштырып, иштеп чыгуу; 4) план түзүү; 5) рефератты жазуу: тандалган теманын актуалдуулугун белгилөө; тандалган теманын проблемасын тариздөө; рефератталып жаткан тексттин негизги тезисин келтирүү; проблема боюнча жыйынтыктарды чыгаруу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** студенттер изилдөөнүн планын иштеп чыгууну, аткарууну, изилдөө процессин түзөтүүнү үйрөнүшөт; маалыматты жалпылоо, талдоо, синтездөө көндүмдөрү калыптанат.

# Адабияттар:


1. Ж.С. Абдракунова. Кесипке багыт берүүнүн негиздери//Исвестия ВУЗов Кыргызстана - №0, 2017, 167-168 б.
2. И.Б. Бекбоев. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б.Бекбоев. —Бишкек, 2011. —384 б.
3. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1–11-класстары үчүн тарбия иштеринин программасы//Түзүүчүлөр: Г. А. Жумабаева, Б. Б. Алымбаева, К. К. Акматов. – Б., 2020. http://kao.kg
4. Инсанга багытталган окутууда окуп-үйрөнүү процессин уюштуруу. Түз.: А.М. Аликова, Ж.Д. Асекова. – Б., 2012, 200 б.
5. Мектеп окуучуларынын кесипке багыт алуусун уюштуруу/ 9–11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо: - түзүүчү М. Иманкулова, Л. Огонбаева, А. Ниязова. – Б.: 2020, 75 б.
6. Мехмет Ташпыңар, А. Алимбеков. Окутуунун жалпы методдору. – Б., 2008.
7. С.К. Овсянникова. Организация профориентационной работы в школе: Методическое пособие. — Нижневартовск: Изд-во Нижневарт. гос. ун-та, 2013. — 362 б.
8. Ж.М. Орозбаев. Эстетическое воспитание младших школьников на прогрессивных традициях народной педагогитки (на материале Кирг.ССР):[Текст]: автореф.дис… канд.пед наук: 13.00.01/Ж.М. Орозбаев. — М., 1988. – 15б.

# ӨЗҮН-ӨЗҮ ТААНЫП-БИЛҮҮ – КЕСИПКӨЙЛҮК ӨНҮГҮҮНҮН ШАРТЫ КАТАРЫ

**Максаты:** студенттер өзүн-өзү таануу жөнүндө түшүнүк алып, өзүн-өзү таануу менен кесип тандоонун ортосундагы байланышты аныкташат, окуучулар талант, кызыгуу, көндүм түшүнүгүн бири-биринен ажыратуу жана калыптандыруунун жолдорун үйрөнүшөт.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- ✓ өзүн-өзү таануу жөнүндө түшүнүк алат;
- ✓ мектеп жашында өзүн-өзү таанып-билүүнүн өзгөчөлүгүн өздөштүрөт.
- ✓ өзүн-өзү таануу менен кесип тандоонун ортосундагы байланышты анализдейт;
- ✓ кесипке багыт берүүдөгү инсандык сапаттарды талдайт;
- ✓ окуучулар талант, кызыгуу, көндүм түшүнүгүн бири-биринен ажыратуу жана калыптандыруунун жолдорун үйрөнөт;
- ✓ көндүмдүн түрлөрүн билет, калыптандыруу боюнча түрдүү ыкмаларды колдонот;
- ✓ кесип тандоого компетенттүү мамиле жасоонун жолдорун иштеп чыгат.

**Таяныч сөздөр:** өзүн-өзү таануу, таанып-билүү, инсан, сапат, шык, талант, көндүм, компетенттүүлүк.

**Колдонулган методдор:** акыл чабуулу, топто иштөө, жупта иштөө, мини-лекция

**Керектелүүчү каражаттар:** флипчарттар, маркерлер, кайчы, кагаз скотч, ак жана түстүү кагаз, түстүү стикерлер.

| Кадамдар | Иштин мазмуну | Эскертүүлөр |
|---|---|---|
| **«Мен азаматмын» көнүгүүсү** | **Даярдык:** Студенттер менен саламдашып жагымдуу маанай түзүү.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Студенттердин баары тегерек тарта турушат. «Ким шахмат ойнойт» дегенде ортого шахматчылар чыгышат. Баары бирге «азамат» деп кубаттап, кол чабышат. Мисалы, Ким комуз чертет? Алтынай: - мен Бардыгы: «Алтынай азамат» дешет. | Мугалим бири-айткан саламдашууну экинчиси кайталап айтпоо үчүн көңүл буруу керек |
| **«Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү» темасына кайтарым байланыш** | **Аткаруу тартиби:** Биринчи топ класс жетекчи катары башталгыч класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен кесипке багыт берүү боюнча иш план түзүшөт. Экинчи топ ортоңку класстар үчүн жаш курагын эске алуу менен кесипке багыт берүү боюнча класстан тышкаркы иштердин планын түзүшөт. Үчүнчү топ жогорку класстар үчүн мектептен тышкаркы кесипке багыт берүү боюнча иш план түзүшөт. Ар бир топ түзүп келген иш-планын презентациялайт. | |

| | | |
|---|---|---|
| **Сабактын темасы, максаты менен тааныштыруу** | Мугалим студенттерди сабактын темасы, максаты жана күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштырат. Өзүн-өзү таануу, таанып-билүү, инсан, сапат, шык, талант, көндүм, компетенттүүлүк  боюнча канчалык түшүнүктөрү бар экендигин аныктап, бүгүнкү сабакта ушул терминдерди терең өздөштүрүү керектигин айтат. | РР слайд 1-2- беттер |
| **Топко бөлүү** | **Аткаруу тартиби:**  Студенттерди маркерлердин түстөрүнө ылайык «кызыл», «жашыл», «көк» жана «кара» деп саноо менен 4 топко бөлүнүшөт. | |
| **«Ротация» ыкмасы** | **Аткаруу тартиби:** Ар бир топ флипчарттагы суроолорго 5 мүнөт убакыттын ичинде жооп жазышат. «Орун алмашкыла»  (ротация) деген команда берилгенде топтор сааттын жебеси боюнча жылышып, кийинки топко берилген суроого сунуштарын жазышат. Ар бир топ төрт суроого тең жооп бергенден кийин, өзүнүн суроосуна  башка топтор берген жоопторду окуп чыгып, презентация үчүн тыянак даярдашат. | Флипчартка тийиштүү маркерлер менен суроолорду жазып коюу керек. |
| | **Суроолор кызыл түскө:** Мыкты мугалим болуш тубаса жөндөмбү же өздөштүрүлүүчү сапатпы?<br>**Жашыл түс:** Кандай окутууну ийгиликтүү деп эсептөөгө болот?<br>**Көк түс:** Мугалимдин кесиптик билимдерге жана көндүмдөргө байланышкан сапаттары окуучулардын окуп-үйрөнүүсүнө кандай таасир тийгизет, эмне үчүн ?<br>**Кара түс:** Окуучулардын окуп-үйрөнүүсүнө мугалимдин жеке сапаттары таасир этеби? | РР слайд 3-бет |
| **«Ички жана сырткы тегерек» ыкмасы** | **Даярдык:** студенттер 1, 2 деп санап, 2 топко бөлүнүшөт.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Биринчи топ ички тегерек, экинчи топ сырткы тегерек болот. Ички тегерек ордунан жылбайт, сырткы тегерек саат жебесинин багытында айланат. Ар бир жолу кол чабылганда сыртты тегерек жылып турат. Монитордон суроолор көрүнүп турат (же фасилитатор суроону берип турат), ар бир суроо боюнча ички жана сырткы тегерек бири-бири менен ой бөлүшөт.<br><br>**Суроолор:**<br>1. Өзүңөрдөгү эң күчтүү бир сапатты айтып берсеңер.<br>2. Менин алсыз жактарым (Кайсы сапаттарым-ды жакшыртып, оңдогум келет?) | Алдын ала суроолорду жазып даярдап алуу керек.<br>Мугалим студенттердин ортосунда туруп, ар бир суроо талкуулангандан кийин бир жолу кол чабат, сырткы тегерек жылат, кийинки суроону талкуулашат.<br> Аягында жалпы суроолорду талдоо аркылуу студенттердин |

| | | |
|---|---|---|
| | 3. Эмнелер жана кандай нерселер силерди шыктандырып дем берет?<br>4. Кандай сапаттарга ээ инсандар ийгиликтүү жашашат деп ойлойсунар?<br>5. Башкалардагы кандай сапаттарды баалайсыңар, эмне үчүн?<br>6. Кайсы тасма сенин адам катары калыптанууңа таасирин тийгизди? Эмне үчүн мындай деп ойлойсуң?<br>7. Кандай адамдар элдин эсинде калышат?<br>8. Адамдарга жакшылык кылып, кол сунган учурларың жөнүндө айтып бере аласыңбы?<br>9. Ушул жашоондо же тарыхта өзүңдөн кийин кандай из калтырып кеткиң келет?<br>10. Кесип тандоодо ким кеңеш берди же ким түрткү болду?<br><br>Бардык суроолорду талкуулашат, айрым катышуучулардын пикирин угушат. | алган маалыматы талкууланат.<br><br>PP слайд 5-6-беттер |
| **«Менин хоббим» көнүгүүсү** | **Даярдык:** студенттер ортого тегерете тартып турушат.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Баары өз атынан башка эч кандай сөз колдонбой, ымдоо жана жаңсоо аркылуу өзүнүн эмнеге жөндөмдүү экенин көрсөтөт. Мисалы, Алина теннис ойногонду жакшы көрөт дегенди, ал (Алина) ымдоо жана жаңсоо менен (ракетка менен топту урганды имитациялайт) түшүндүрөт. Студенттер «Алина» деп хор менен кайталап, ал жасаган кыймылды туурашат. Ошентип ар бир катышуучу бири-биринин хоббисин кайталап чыгышат. | Бир гана атын атап, эч кандай сөз коштобоосуна аракет кылыш керек.<br>Бул көнүгүүнү аткаруу менен ар бир студенттин хоббисин, эмнеге жөндөмдүүлүгүн мугалим үчүн кошумча маалымат берет |
| **Топко бөлүү «Пазл»** | **Даярдык:** Темага ылайык алдын ала даярдалган пазлдар үстөлдүн үстүнө чачылып, жайылып коюлат.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Студенттер бирден пазл алып чогултушуп, чогулган пазл боюнча топко биригишет. | Пазлдагы сүрөттөр тандаган кесиптерди чагылдырат.<br><br>7.1 Т.М. |
| **Топтук иш** | **Даярдык:** Ар бир топко түрдүү көндүмдөр жазылган барактар таркатылат.<br>**Аткаруу тартиби:**Топтор таркатылган көндүмдөрдүн кайсынысы кесиптерге ылайык келерин зарылдыгына жараша бөлүштүрүп ватманга чаптап, презентациялашат.<br>1-топ: журналист<br>2-топ: программист<br>3-топ: дарыгер<br>4-топ: ашпозчу | Студенттердин көндүмдөрдү кесиптерге ажыратуусу менен көндүмдөр боюнча түшүнүгү кеңеет<br><br>7.2 Т.М. |

| | | |
|---|---|---|
| **Мини-лекция** | **Даярдык:** Көндүмдөр боюнча слайд көрсөтүлөт.<br><br>**Аткаруу тартиби:** Заманбап дүйнөдө тандаган кесибине байланыштуу гана билимдин болуусу жетишсиз, инсанда тез өзгөрүп турган тышкы шарттарга көнүп кетүүгө жардам бере турган жумшак (ийкемдүү) көндүмдөрдү өрчүтүү абдан маанилүү. Адатта, кесип тандоодо окуучулар жумшак (ийкемдүү) көңдүмдөрдү өнүктүрүүгө караганда, катуу көндүмдөрдү (hard skills) өркүндөтүүгө көбүрөөк көңүл бурушат. Анткени менен ар кандай изилдөөлөргө ылайык, ийгиликтин 85%ы жумшак (ийкемдүү) көндүмдөрдөн турары, ийгиликтин калган 15%ы катуу (кесипкөй) көндүмдөрдүн натыйжасы менен жетишилери айтылып келет. Катуу көндүмдөр (hard skills) – бул байкоо, өлчөө жана көрсөтүү оңой болгон кесиптик көндүмдөр. Бул көндүмдөрдү үйрөнүү үчүн билим алып, көрсөтмөлөрдү өздөштүрүп алуу зарыл. Ал эми билимдин сапатын тест же сынак аркылуу текшерсе болот. Мисалы, математикалык маселелерди чечүү, окуй билүү, тилди билүү, компьютерде иштөө, унаа айдоо ж.б. Ишмердиктин белгилүү бир түрү менен натыйжалуу алектенүү үчүн катуу көндүмдөр талап кылынат.Жумшак (ийкемдүү) көндүмдөр (soft skills) – бул өлчөөгө кыйын болгон социалдык көндүмдөр. Бирок алар катуу көндүмдөрдү көрсөтүүгө жана колдонууга натыйжалуу түрдө жардам берет. Жумшак көндүмдөр иштин бардык түрүндө маанилүү. Аларга баарлаша билүү, команда ичинде иштөө, креативдүүлүк, ынандыра билүү, маселелерди чечүү, чечим кабыл алуу, убакытты туура пайдалануу, өзүн жана башкаларды шыктандыруу ж.б. кирет. Катуу көндүмдөрдү түрдүү окуу жайларда (мектептерде, жогорку окуу жайларында, кошумча курстарда) өздөштүрсө болот. Адатта, алар үчүн белгилүү бир татаал деңгээлдер белгиленип, алардан тепкичтен басып чыккандай көтөрүлүш керек. | PP слайд 7-10-беттер |

<table>
<tr><td>Жыйынтык</td><td>Аткаруу тартиби: Мугалим жыйынтыктоо үчүн төмөнкү суроолорду берет:<br>Бүгүнкү сабакта  алган маалыматтардын класс жетекчи үчүн зарылдыгы барбы? Алынган маалыматты кайсы учурда пайдаланууга болот? Класстагы окуучулар үчүн аткарылган көнүгүүлөрдүн мааниси канчалык?</td><td>PP слайд<br>11-бет.<br><br>Суроого бергенде аудиторияда студенттердин жоопторун кунт коюп угуп, кайтарым байланыш берүүнү унутпаңыз</td></tr>
<tr><td>Үй тапшырмасы</td><td>Мугалимдин сапаттарын таблицаны толтуруу менен толуктагыла .
<table>
<tr><td>Инсандык сапаттар</td><td>Көндүмдөргө байланышкан сапаттар</td><td>Билимдерге Байланышкан сапаттар (мисалы, филолог)</td></tr>
<tr><td>гумандуу</td><td>тыкан</td><td>билимдүү</td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td></tr>
</table></td><td>7.3 Т.М.</td></tr>
</table>

# Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар:

**А) Талант, көндүм, жөндөмгө карата кесип тандоо**

**Иштин аткаруу формасы:** презентация даярдоо

**Өз алдынча иштин максаты:** 1) окуу материалын өздөштүрүү (бекемдөө, жалпылоо, системага салуу); 2) IT технологиялар менен иштөө мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган инструменталдык компетенциялардын калыптанышы. Презентация – бул мультимедия технологияларын колдонуу менен окуу материалынын мазмунун сунуштоо.

**Тапшырманы аткаруу тартиби:** 1) долбоорлоо этабы: а) презентацияны колдонуу максатын аныктоо; б) керектүү материалдарды топтоо (тексттер, сүрөттөр, схемалар ж.б.). 2) конструкциясын түзүү этабы: а) MS Power Point программасын тандоо; б) слайддын дизайнын аныктоо; в) слайддарга топтолгон материалдарды белгилүү ырааттуулукта киргизүү; г) ылайыгына жараша анимация коюу. 3) моделдештирүү этабы: даярдалган материалды текшерүү, көрсөтүү убактысын аныктоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** маалыматтарды интерпретациялоо, талдоо, чогултуу жана аларды бүткөн формага келтирүү көндүмүнө ээ болушат; ар түрдүү тармактардагы заманбап билимдерге (концепциялар, теориялар, методдор, техникалар) ээ жана аны түшүнүү жөндөмү калыптанат; IT технологияларды колдонуу көндүмүн өнүктүрөт.

**Б) Кесип тандоодо өзүн-өзү таануу**

**Иштин аткаруу формасы:** Реферат жазуу

**Өз алдынча иштин максаты:** студенттин илимий кругозорун кеңейтип, теориялык изилдөө жүргүзүүнүн методдорун колдоно билүүгө көнүктүрөт, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Реферат (лат. refere — баяндоо, кабарлоо) – жаңы маалыматтарды алуу максатында илимий булактын текстин өз алдынча түшүнүү жана чыгармачыл кайра жаратуу.

**Тапшырманы аткаруу тартиби:** 1) сунушталган темалардын ичинен бир теманы тандап алуу; 2) иштей турган илимий булактарды аныктап алуу; 3) аныкталган илимий булактарды окуп чыгуу, алына турган материалдарды системалаштырып, иштеп чыгуу; 4) план түзүү; 5)рефератты жазуу: тандалган теманын актуалдуулугун белгилөө; тандалган теманын проблемасын тариздөө;рефератталып жаткан тексттин негизги тезисин келтирүү; проблема боюнча жыйынтыктарды чыгаруу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** студенттер изилдөөнүн планын иштеп чыгууну, аткарууну, изилдөө процессин түзөтүүнү үйрөнүшөт; маалыматты жалпылоо, талдоо, синтездөө көндүмдөрү калыптанат.

# Адабияттар:


1. И.Б. Бекбоев. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек, 2011. – 384 б.
2. С.К. Овсянникова. Организация профориентационной работы в школе: Методическое пособие. — Нижневартовск: Изд-во Нижневарт. гос. ун-та, 2013. — 362 б.
3. С. В. Панина, Т.А. Макаренко. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся: учебник и практикум для академического бакалавриата — 3-е изд., перераб. и доп. — М.: Издательство Юрайт, 2014. — 312 б.
4. Инсанга багытталган окутууда окуп-үйрөнүү процессин уюштуруу. Түз.: А.М. Аликова, Ж.Д. Асекова. – Б., 2012, 200 б.
5. Мектеп окуучуларынын кесипке багыт алуусун уюштуруу/ 9–11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо: – түзүүчү: М. Иманкулова, Л. Огонбаева, А. Ниязова. – Б.: 2020, 75 б.
6. Мехмет Ташпыңар, А. Алимбеков. Окутуунун жалпы методдору. – Б., 2008.
7. Өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү таанып-билүү жана жеке өнүгүүсү. Методикалык колдонмо [Текст] / Түзүүчүлөр: Т. А. Жороев, А. А. Сатинбаева ж.б. – Ош, 2017. , 168 б.
8. Ө. Саалаев. Окутуунун интерактивдүү усулдары. – Б.:, 2009.
9. 9–класста кесипке багыт берүү: Мугалимдер үчүн колдонмо [Текст] / «Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүү» программасы. – Бонн жана Эшборн шаарлары, 2018. – 68 б.

# АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

**Максаты:** Окуучуларга кесиптик багыт берүүдө ата-энелерди тартуу боюнча алдыңкы тажрыйбаларды талкуулоо.

**Күтүлгүчү натыйжалар:**

- ✓ окуучуларга кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөөнүн маанилүүлүгүн түшүнүшөт;
- ✓ кесиптик багыт берүү иштерине ата-энелерди тартуудагы тоскоолдуктарды аныктай алышат;
- ✓ кесиптик багыт берүү иштерине ата-энелерди тартуунун натыйжалуу жолдорун билишет;
- ✓ окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин багыттарын аныкташат;
- ✓ окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин формаларын талкуулашат.

**Таяныч сөздөр:** окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо, кесиптик агартуу, профессиографиялык аңгемелешүү, жеке консультация, диспут.

**Колдонулган ыкмалар:** акыл чабуулу, ролдоштуруу, топто иштөө, жупта иштөө, мини-лекция.

**Керектелүүчү каражаттар:** интерактивдүү доска же компьютер, проектор, PP слайддар, флипчарт, маркер, кайчы, кагаз скотч, ак жана түстүү кагаз, түстүү стикерлер.

<table>
<tr><th>Кадамдар</th><th>Иштин мазмуну</th><th>Эскертүүлөр</th></tr>
<tr><td>«Тегерек» көнүгүүсү</td><td>Максаты: Группада жагымдуу маанай түзүү.<br>Аткаруу тартиби: студенттер дептерлерине же ак кагазга үч тегерек чийип алышат да, биринчисине өз атын, экинчи тегерекке эң мыкты сапатын, үчүнчүсүнө кызыгуусун (хоббисин) жазып, топко тааныштырышат.</td><td>PP слайд<br>2-бет<br><br>Көнүгүү жалпы топто аткарылат</td></tr>
<tr><td>«Өзүн өзү таанып-билүү - кесипкөйлүк өнүгүүнүн шарты катары» темасына кайтарым байланыш</td><td>Максаты: Өтүлгөн темага кайтарым байланыш.<br>Аткаруу тартиби: студенттер мугалимдин сапаттарына мүнөздөмө беришет.<br><br><table><tr><th>Инсандык сапаттар</th><th>Көндүмдөргө байланышкан сапаттар</th><th>Билимдерге байланышкан сапаттар (мисалы, филолог)</th></tr><tr><td>гумандуу</td><td>тыкан</td><td>билимдүү</td></tr><tr><td></td><td></td><td></td></tr><tr><td></td><td></td><td></td></tr></table></td><td>PP слайд<br>3-бет<br><br>Таблицаны электрондук доскага чыгарып коюу сунушталат.</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| **Практикалык сабактын максаты жана күтүлгүчү натыйжалары** | **Максаты:** Окуучуларга кесиптик багыт берүүдө ата-энелерди тартуу боюнча алдыңкы тажрыйбаларды талкуулоо.<br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерди сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштырат. | PP слайд 4-бет |
| **Кесиптик багыт берүүгө ата-энелердин катышуу деңгээлин баалоо** | **Максаты:** кесиптик багыт берүү иштерине ата-энелердин катышуу деңгээлин баалоо.<br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим ар бир студентке кесиптик багыт берүү иштерине ата-энелердин катышуу деңгээлин баалоо баракчасын таратат. Берилген формадагы ырастоолорду өз тажрыйбасынын негизинде «ооба» же «жок» деп толтурууну өтүнөт. Студенттер баалоо барагы менен жекече иштешет. Мугалим: «Сиздердин ырастооңуздар 6дан кем болсо, анда кесиптик багыт берүү иштерине ата-энелерди тартуу ишине өзгөчө көңүл бурушуңуздар керек» деген тыянак чыгарат. | 8.1. Т.М. Ата-энелердин катышуу деңгээлин баалоо баракчасы |
| **«Акыл чабуулу» ыкмасы** | **Максаты:** Суроо берүү аркылуу студенттерде жаңы ой-пикирдин жаралуусуна түрткү берүү.<br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерге төмөнкү суроолорду талкуулоого чакырат:<br>-Кесиптик багыт берүү ишинде ата-эненин ролу канчалык маанилүү деп ойлойсуз?<br>- Сиздин кесип тандооңузда ата-энеңиз кандай роль аткарган?<br>Мугалим айтылган негизги ой-пикирлерди белгилөө менен талкууну мынтип жыйынтыктайт: Бала кесип жөнүндөгү билимге адегенде үй-бүлөдө ээ болот. Ата-энелер көпчүлүк учурда үйүндө өзүнүн кесиби, жумуштагы аткарган милдеттери жөнүндө үстүрттөн гана кеп кылышат. Ата-энелеринен уккан учкай маалыматтын негизинде балдарда кесип тууралуу айрым түшүнүктөр калыптана баштайт. Демек, балдарда жаш чагынан кесип жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрдүн калыптанышында, болочок кесип тандоосунда ата-эненин ролу өтө жогору экендигин окуучулардын ата-энелерине жеткирүү, аларды кесиптик жактан агартуу өтө маанилүү». | PP слайд 5-бет |

| | | |
|---|---|---|
| **Практикалык иш**<br><br>**Топтордо иштөө** | **Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерди 3 топко бөлөт. Ар бир топ берилген тапшырма боюнча презентация даярдашат.<br>1-топ. Ата-энелерди кесипке багыт берүү иштерине тартуунун натыйжалуу жолдору.<br>2-топ. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин багыттары.<br>3-топ. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин формалары. | PP слайд 6-бет |
| **Практикалык иш**<br><br>**«Ролдоштуруу» ыкмасы**<br><br>**Ата-эне менен аңгемелешүү** | **Максаты:** кесиптик багыттоодо ата-энелер менен аңгемелешүүнү уюштуруу<br>**Аткаруу тартиби:** Мугалим студенттерге суроо менен кайрылат:<br>- Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоодо ата-эне менен аңгемелешүүнү кантип уюштурасыз?<br>- Ата-эне менен аңгемелешүүдө, өзгөчө эмнеге көңүл бурасыз?<br>Талкуудан кийин мугалим ролдошуп ойноого группадан эки студентти тандап алат. Алардын бири мугалим, экинчиси ата же эненин ролун аткарат. Мугалимдин ролун аткарган студентке ушул кырдаал үчүн атайын даярдалган, аңгемелешүү учурунда бериле турган суроолордун тизмесин берет. Аңгемелешүүдөн кийин студенттер мугалим менен ата-эненин жүрүм-турумун талкуулашат. | PP слайд 7-бет<br><br>8.2. Т.М. |
| **Жыйынтык** | Сабактын аягында мугалим төмөнкүчө жыйынтык чыгарат: «Бүгүнкү сабакта окуучуларга кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөөнүн маанилүүлүгүн, бул процесске ата-энелерди тартуунун натыйжалуу жолдорун, окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин багыттарын жана формаларын талкууладык. Ошондой эле, кесиптик багыттоодо ата-энелер менен аңгемелешүүнү иш жүзүндө көрө алдык». | |
| **Үй тапшырмасы** | Өтүлгөн темалардын баарын кайталоо. | |

# Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар:

**А) «Кесиптик стереотиптердин калыптанышында ата-эненин ролу» деген темада эссе жазуу**

**Б) «Келечектүү кесиптер» деген темада ата-энелер чогулушунун сценарийин түзүү**

**Өз алдынча иштин максаты:** кесиптик-педагогикалык компетенцияларын өнүктүрүү. Класстан тышкаркы иш-чаралар – таанып-билүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк милдеттерге багытталган мугалимдин окуучулар менен болгон максаттуу өз ара аракеттешүүсү.

**Тапшырманы аткаруу тартиби:** 1) Даярдануу бөлүгү: а) иш-чаранын максат-милдетин аныктоо; б) таанып-билүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк милдеттерге жана окуучулардын курагына жараша иштин түрүн, формасын тандоо; в) иш-чараны даярдоого жана өткөрүүгө бардык окуучуларды тартуунун жолдорун аныктоо; г) иш-чаранын тематикасына ылайык келген инсандарды (адистерди) катыштыруу мүмкүнчүлүгүн аныктоо. 2) Уюштуруу бөлүгү: а) мазмундуу тематикалык мтериалды даярдоо; б) кандай дидактикалык каражаттарды колдонууну аныктап алуу (тесттер, анкета, оюш ишмердүүлүгү ж.б.); в) иш-чаранын максат-милдетине жараша классты/ залды жасалгалоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** 1) студенттердин окуу процессинин сапатын баалоо жана диагноздоонун технологияларын колдонууга даярдыгы; 2) түрдүү билим берүү мекемелеринде заманбап методиканы жана технологияны колдонуу жөндөмдүүлүгү; 3) божомолдоо, долбоорлоо жана моделдештирүү жөндөмдүүлүгү.

**В) «Баламдын кесип тандоосуна кантип жардам берем» деген темада ата-энелер чогулушунун сценарийин түзүү**

# Адабияттар


1. Мектеп окуучуларынын кесиптик багыт алуусун уюштуруу: 9 – 11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо [Текст] / Түзүүчүлөр: М. Иманкулова, Л. Огонбаева, М. Ниязова. –Б., 2020. –75 б.
2. С. К. Овсянникова. Организация профориентационной работы в школе. Методическое пособие [Текст] / С. К. Овсянникова. -Нижневартовск, 2013. –364 б. https://www.studmed.ru
3. Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандырууга ата-энелерди жана коомчулукту тартуу. 10-модуль. USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоору. -Б., 2018. –39-б.
4. Н.И. Калугин. Профессиональная ориентация учащихся [Текст] / Н.И. Калугин, А.П. Меньшиков, А.Д. Сазонов. – Москва: Высшая школа, 2003. –272 б.

# ТАРКАТМА МАТЕРИАЛДАР

## 1-тема: Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери

1.1.Т.М.

**1-ТОП. Чечмеленүүчү сөз: компоненттер**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| К | О | М | П | О |
| Н | Е | Н | Т | Т |
| Е | Р | | | |

**2-ТОП. Чечмеленүүчү сөз: принциптер**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| П | Р | И | Н | Ц |
| И | П | Т | Е | Р |

**3-ТОП. Чечмеленүүчү сөз: этаптар**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Э | Т | А | П | Т |
| А | Р | | | |

**4-ТОП. Чечмеленүүчү сөз: методдор**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| М | Е | Т | О | Д |
| Д | О | Р | | |

# 2-тема: Кесипке багыт берүүнүн калыптаныш тарыхы

2.1. Т.М.

**1-ТОП**

**Фрэнк Парсонстун илимий концепциясы же «кадрларды тандоонун америкалык модели»**

Фрэнк Парсонс психотехниканын негиздөөчүсү Хьюго Мюнстербергдин идеясын жактоочулардын бири катары белгилүү. Ал профориентологиянын тарыхында биринчилерден болуп Американын Бостон шаарында кесип тандоо боюнча атайын бюро ачкан. Кесиптик бюронун милдеттерине төмөнкүлөр кирген:

1. Инсанга психологиялык тесттер аркылуу өзүнүн психикалык өзгөчөлүгү жана жөндөмү жөнүндө маалымат алууга жардам берүү;
2. Түрдүү кесиптердин адамдарга койгон психофизиологиялык талаптары менен тааныштыруу;
3. Бул эки топтогу маалыматтарды салыштырып, кесип тандап жаткан адамга рационалдуу сунуштарды берүү.

Анын теориясындагы негизги ой «ылайыктуу орунга – туура жумушчу», б.а., кесиптин койгон талабына жараша жумушчу табуу.

1903-ж., 1908-ж. Европа жана Америкада кесиптик диагностика лабораториялары жана кесиптик багыт берүү кабинеттери ачылат. Ф.Парсонс тарабынан сунушталган методду «кадрларды тандоонун америкалык модели» деп аташат.

1909-ж. Ф.Парсонс кесиптик багыт берүүнүн төмөнкү жоболорун сунуштаган:

1. болочок кесип ээсинин өзүнүн кызыгуусун, жөндөмүн, мүмкүнчүлүктөрүн, чектөөлөрдү жана анын себептерин билүүсү же өзүн өзү таануусу;
2. адистерге коюлган талаптарды, түзүлгөн шарттарды билүүсү, иштин түрдүү багыттарындагы мүмкүнчүлүктөрдү жана келечегин көрө билүүсү;
3. жогорку эки фактордун бири-бирине шайкештиги, б.а., кесип тандаган инсандын мүмкүнчүлүктөрү менен кесиптин койгон талаптарынын туура келиши.

Ф.Парсонстун методунда адамдын кесиптик сапаттарын тестирлөөгө көбүрөөк басым жасалган.

**2-ТОП**

**Джон Голланддын «кесипке багыттоонун иерархиясы» аттуу теориясы**

1956-ж. америкалык окумуштуу Джон Голланд Ф.Парсонстун теориясына каршы келген «кесипке багыттоонун иерархиясы» аттуу теориясын сунуштайт. Ал адамдарды 6 типке ажыраткан: 1) реалисттик тип (кол өнөрчүлүк, техника, айыл жана токой чарбасына байланыштуу кесиптерди тандашат); 2) изилдөөчү тип (интеллектуалдык эмгекти тандашат); 3) социалдык тип (педагогика, социалдык камсыздоо, практикалык психология, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө байланыштуу кесиптерди баалашат); 4) конвенциалдык тип (банк кызматын, бухгалтерия, статистика кесиптерин тандашат); 5) ишкер тиби (ишкерлик, меймانкана бизнеси, өндүрүштүк кеңеш ж.б.); 6) артисттик тип (искусствонун түрлөрүнө жана маданиятка байланыштуу кесиптерди тандашат). Инсандын кайсы типке кирери атайын иштелип чыккан тесттер аркылуу аныкталган. Бул теорияда инсандын кызыгуусу биринчи орунга коюлган. Джон Голланд биринчи адамдын ишмердиктин кайсы чөйрөсүнө туура келерин аныктап, андан кийин ошол тармактагы кесипти тандоого көмөк көрсөтүүнү сунуштаган.

Джон Голланддын теориясында адамдын каалоосу менен кызыгуусуна эң чоң маани берилип, кесиптердин өзгөрүп туруусу, коомдогу муктаждык жана эмгек рыногундагы кырдаал эске алынган эмес.

**3-ТОП**

**Дональд Сьюпердин «курактык өнүгүүнүн концепциясы» теориясы**

Кесиптик багыт берүүнүн калыптанышындагы дагы бир маанилүү теориялардын бири Дональд Сьюперге (1952-ж.) таандык. Ал «курактык өнүгүүнүн концепциясы» деп аталат. Бул теория төмөнкү жоболордон турат:

1. Ар бир адам жөндөм, кызыгуу, инсандык сапаттарга ээ болгондуктан, бир нече кесипке туура келет, ал эми бир кесип – бир нече адамга туура келиши мүмкүн;
2. Убакытка жана адамдын тажрыйбасына ылайык кесиптик өнүгүүнүн объективдүү жана субъективдүү шарттары өзгөрүп турат, бул кесиптик көп түрдүү тандоону шарттайт;
3. Кесиптик жактан өнүгүү ыраattуу стадиялардан турат, адамдын кесиптик өнүгүүсү ата-энесинин социалдык-экономикалык деңгээлинен, индивиддин касиетинен, кесиптик мүмкүнчүлүктөрүнөн көз каранды;
4. Индивиддин кызыгуусу менен жөндөмдүүлүгүнүн калыптанышына жана анын «Мен-концепциясынын» өнүгүүсүнө түрткү берүү менен анын түрдүү стадиялардагы өнүгүүсүн башкарууга болот;
5. Кесиптик өнүгүүнүн негизин «Мен-концепциясынын» өнүгүүсү түзөт.

Д. Сьюпердин пикири боюнча, кесиптик өнүгүүнүн биринчи этабы эки фазадан ту-

рат: кесип жөнүндөгү кыялдын үмүткө (бала чак), андан соң конкреттүү планга өтүшү (өспүрүм курак). Экинчи этап – эмгек тажрыйбасы аркылуу инсандын «Мени» кесиптик «Мен-концепциясына» өнүгүшү. Бул адамдын бүт өмүрүн камтыйт.

Д. Сьюпер кесип тандоону окуунун аякташы менен бүтпөгөн, кесиптик ишмердиктин бардык этаптарында уланган, инсандын өнүгүшүнүн бир бөлүгү катары карайт.

Ошентип, жогоруда чет элдик кесипке багыт берүүнүн калыптанышындагы негизги идеялар менен теориялар жөнүндө сөз болду.

**4-ТОП**

**Дүйнөлүк тажрыйбалар: Франция**

Францияда кесиптик багыт берүү кызматы XX к. 20-ж. пайда болуп, ал эми экинчи дүйнөлүк согуштун алдында бардык аймактарда балдарга жана чоң адамдарга кесипке багыт берүү үчүн адистерди даярдоо борборлорунун ачылышы жөнүндөгү мыйзам кабыл алынган. Азыркы учурда кесиптик багыт берүү иштери башталгыч класстарда эле башталат. Мугалим баланын кесипке багыт алуусун аныктоо максатында аны кесиптер дүйнөсү менен тааныштырат, анын жөндөмү жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндөгү маалыматтар атайын ачылган папкага чогултулуп, бул маалымат менен окуучунун ата-энеси да таанышып турат. Францияда кесип тандоо борборлору ата-энелер менен тыгыз иш алып барышат. Эгерде окуучу кесип тандоодо кыйынчылыктарга учураса, мектептеги психологдон да кеңеш ала алат. Мектеп психологу окуучуга окуу ишмердигин туура уюштурууга гана жардам бербестен, ага сабакка жетишүүсүн жогорулатуу, жөндөмүн өнүктүрүү боюнча сунуштарды берет, кесиптик ишмердиктин тигил же бул чөйрөсүнө болгон кызыгуусу тууралуу маалыматтарды ата-энесине кабарлайт.

Окуучунун кесиптер дүйнөсү жөнүндө кенен маалымат алышы үчүн кесипке багыт берүү борборлорунун адистери чакырылат, алар окуучулар менен алардын ата-энелерине кесип тандоо боюнча жекече консультацияларды өткөрүшөт.

Францияда кесипке багыт берүү боюнча адистерди даярдоого көп көңүл бурулат. Бул багыттагы адистер Эмгек жана кесипке багыт берүү боюнча Париж изилдөө институтунда, Марсель кесипке багыт берүү институнда даярдалып чыгат.

Франция сыяктуу кесипке багыт берүү иштеринин практикасын жана өзүн-өзү аныктоону башталгыч класстарда киргизсек биздин билим берүү системабыз үчүн пайдалуу болмок. Мындай учурда жогорку класстарды профилдерге бөлүп окутуу да максаттуу жүргүзүлмөк жана мектепти бүтөөрдө окуучулар болочок ишмердигинин багытын аңдап түшүнмөк.

**5-ТОП**

**Дүйнөлүк тажрыйбалар: Япония**

Японияда кесипке багыт берүү иштери өзгөчө методикага таянат. Өспүрүмдөрдүн кесипти тандоого даярдыгын көзөмөлгө алуу үчүн Асия университетинин профессору Фукуяма уникалдуу илимий методиканы иштеп чыккан. Бул тест «F-тест» (Fukuyama-тест) деп аталат. Автор кесипти аң-сезимдүү тандоонун негизги үч факторун бөлүп көрсөтөт: 1)өзүн-өзү талдоо,  2) кесипти анализдөө, 3) кесипте өзүн сынап көрүү. Жыл сайын 7-9-класстын окуучулары өздөрүн ар кайсы тармактагы (айыл чарбасы, илимий ишмердүүлүк, бизнес ж.б.) 16 кесиптин түрүндө сынап көрүшөт. Ошентип, 3 жыл ичинде өз күчүн 48 кесиптин түрүндө сынашат. Андан соң өзүнүн ыктарын беш баллдык шкаланын негизинде 62 пункт боюнча талдап көрүшөт. Ошол эле пункттар менен окуучулар мугалимдер жана психологдор тарабынан бааланат. Алынган жыйынтыктар салыштырылып, окуучунун өзүн өзү баалоосунун индекси аныкталат. Мына ушул индекстин негизинде окуучуга кесиптик сапаттардын жана компетенциялардын калыптанышы жана өнүгүшү үчүн окуунун индивидуалдуу программасы сунушталат. Ошону менен бирге окуучулар практикалык көндүмдөргө ээ болушат.

# Джон Голланддын сурамжылоосунун тексти

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **1**<br>а) инженер<br>б) социолог | **2**<br>а) кондитер<br>б) чиркөө кызматкери | **3**<br>а) ашпозчу<br>б) статистик | **4**<br>а) фотограф<br>б) администратор | **5**<br>а) механик<br>б) дизайнер | **6**<br>а) философ<br>б) врач |
| **7**<br>а) эколог<br>б) бухгалтер | **8**<br>а)программист<br>б) адвокат | **9**<br>а) кинолог<br>б) котормочу | **10**<br>а) камсыздан дыруучу агент<br>б) архивист | **11**<br>а) тренер<br>б) телере-портер | **12**<br>а) тергөөчү<br>б) искус ство-таануучу |
| **13**<br>а) нотариус<br>б) брокер | **14**<br>а) IT-оператор<br>б) фотомодель | **15**<br>а) фото-корреспондент<br>б) реставратор | **16**<br>а) көрктөндүрүүчү<br>б) биолог-изилдөөчү | **17**<br>а) автотранс-порттун айдоочусу<br>б) бортпрово-дник | **18**<br>а) метеоролог<br>б) картограф |
| **19**<br>а)радио-монтаждоочу<br>б) жыгачка тарткан сүрөтчү | **20**<br>а) геолог<br>б) гид-котормочу | **21**<br>а) журналист<br>б) режиссёр | **22**<br>а) библиограф<br>б) аудитор | **23**<br>а) фармацевт<br>б) юрист-консультант | **24**<br>а) генетик<br>б) архитектор |
| **25**<br>а) сатуучу<br>б) почта байланышынын оператору | **26**<br>а) социалдык кызматкер<br>б) ишкер | **27**<br>а) ЖОЖдун мугалими<br>б) музыкант-аткаруучу | 28<br>а) экономист<br>б) менеджер | **29**<br>а) корректор<br>б) дирижер | **30**<br>а) бажы инспектору<br>б) сүрөтчү-модельер |
| **31**<br>а) телефонист<br>б) орнитолог | **32**<br>а) агроном<br>б) топограф | **33**<br>а) токойчу<br>б) директор | **34**<br>а) тигүүчү<br>б) хореограф | **35**<br>а) тарыхчы<br>б) МАИнин инспектору | **36**<br>а) антрополог<br>б)экскурсовод |
| **37**<br>а) вирусолог<br>б) актер | **38**<br>а) официант<br>б)товартаануучу | **39**<br>а) башкы бухгалтер<br>б) кылмыш издөө инспектору | **40**<br>а) чачтарач<br>б) психолог | **41**<br>а) бал челекчи<br>б) коммерсант | **42**<br>а) сот<br>б) стеногра-фист |

# Жооптордун бланкы

Аты жөнү ________________________ Жашы ___________

Мектеби________________________ Классы ______________

Толтурулган күнү ________________________

| РИ | Реалист. Тип | Изилд. тип | Соц. тип | Конвенц. тип | Ишкер тиби | Арт. тип |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1а | 1б | 2б | 3б | 4б | 5б |
| | 2а | 6а | 6б | 7б | 8б | 9б |
| | 3а | 7а | 10а | 10б | 11б | 12б |
| | 4а | 8а | 11а | 13а | 13б | 14б |
| | 5а | 9а | 12а | 14а | 15а | 15б |
| | 16а | 16б | 17б | 18б | 21а | 19б |
| | 17а | 20а | 20б | 22б | 26б | 21б |
| | 18а | 22а | 23б | 25б | 30а | 24б |
| | 19а | 23а | 25а | 28а | 33б | 27б |
| | 20а | 24а | 26а | 29а | 38б | 28б |
| | 31а | 31б | 27а | 31б | 39б | 29б |
| | 32а | 35а | 36б | 35б | 41б | 30б |
| | 33а | 36а | 38а | 39а | | 34б |
| | 34а | 37а | 40б | 42б | | 37б |
| | 41а | | 42а | | | 40а |
| Суммасы | | | | | | |

# 3-тема: Кесипке багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар

2.1. Т.М.

**Е. А. Климовдун «Кесиптердин тиби» методикасы боюнча өзүн-өзү баалоо программасы**

1. Бейтааныш адамдар менен жеңил мамиле түзө алам («адам - адам» тиби).
2. Чын көңүлүм менен узакка бир нерсе жасай (оңдоо, тигүү, токуу) алам («адам - техника» тиби).
3. Курчап турган айлана-чөйрөгө сулуулук тартуулаганга аракет кылам («адам – көркөм образ» тиби).
4. Чын көңүлүм менен дайыма гүл (жаныбар) багам («адам - табият» тиби).
5. Чын көңүлүм менен узакка бир нерсени эсептегенди, санаганды же чийгенди жакшы көрөм («адам – белгилик система» тиби).
6. Теңтуштарым же өзүмдөн кичүүлөр менен убакыт өткөргөндү, аларды тигил же бул ишке тартканды, аларга жардам бергенди жактырам («адам - адам» тиби).
7. Өзүмдөн чоңдорго мал жана өсүмдүктөрдү бакканга чын ниетим менен жардам берем («адам - табият» тиби).
8. Жазуу иштеринде ката аз кетирем («адам – белгилик система» тиби).
9. Менин өз колум менен бош убакта жасаган буюмдарым курбуларымды кызыктырат («адам - техника» тиби).
10. Искусствонун белгилүү түрүнө (музыкалык аспап, сүрөт тартуу ж.б.) кызыгуум бар деп эсептешет («адам – көркөм образ» тиби).
11. Өсүмдүктөр (жаныбарлар) дүйнөсү жөнүндөгү китептерди көп окуйм («адам - табият» тиби).
12. Көркөм чыгармачылыкка активдүү катышам («адам – көркөм образ» тиби).
13. Механизм, машина, приборлордун түзүлүшү жана иштеши жөнүндө окуганды жактырам («адам - техника» тиби).
14. Татаал маселени, баш катырмаларды, кроссворд жана ребустарды чечкенди жакшы көрөм («адам – белгилик система» тиби).
15. Теңтуштардын же өзүмдөн кичүүлөрдүн ортосундагы пикир келишпестикти бат байкайм («адам - адам» тиби).
16. Биологиялык объекттер менен (жаныбар, өсүмдүктөр) иштегенге жөндөмүм бар деп эсептешет («адам - табият» тиби).
17. Чыгармачылыгымды бейтааныш адамдар да баалашат («адам – көркөм образ» тиби).
18. Өз оюмду жазуу жүзүндө так жана даана бере алам («адам – белгилик система» тиби).
19. Башкалар менен дээрлик урушпайм («адам - адам» тиби).
20. Техникалык чыгармачылыгымды бейтааныш адамдар да баалашат («адам - техника» тиби).

21. Эч кандай кыйынчылыксыз чет тилдерин өздөштүрүп кете алам («адам – белгилик система» тиби).
22. Бейтааныш адамдарга көп жардам берем («адам - адам» тиби).
23. Өзүмө жаккан иш менен (музыка, сүрөт тартуу) узакка, чарчабастан алектенем («адам – көркөм образ» тиби).
24. Өсүмдүктөрдүн жакшы өсүшүнө таасир этkenge аракет кылам («адам - табият» тиби).
25. Механизм, машина жана приборлордун түзүлүшүн түшүнүүгө аракет кылам («адам - техника» тиби).
26. Теңтуштарымды же өзүмдөн кичүүлөрдү тигил же бул ишти аткарууга ынандыра алам («адам - адам» тиби).
27. Жаныбарлар менен өсүмдүктөргө байкоо жүргүзгөндү жактырам («адам - табият» тиби).
28. Көбү кызыксыз деп эсептеген китептерди (илимий-популярдуу, публицистикалык) окуганды жактырам («адам – белгилик система» тиби).
29. Искусство кызматкерлеринин чеберчилигинин сырларын түшүнүүгө аракеттенем («адам – көркөм образ» тиби).

# Кесиптердин матрицасы

| № | Ишмердүүлүктүн түрү | 1<br>Адам | 2<br>Маалымат | 3<br>Финансы | 4<br>Техника |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Башкаруу | 1.1. Персонал боюнча менеджер<br>......................<br>...................... | 1.2. Диспетчер<br>.................<br>.................<br>.................<br>...................... | 1.3. Экономист<br>......................<br>......................<br>......................<br>.................... | 1.4. Айдоочу<br>.........................<br>.........................<br>.........................<br>....................... |
| 2 | Кызмат көрсөтүү | 2.1. Официант<br>.........................<br>.........................<br>......................... | 2.2. Китепканачы<br>.........................<br>......................... | 2.3. Инкассатор<br>......................<br>...................... | 2.4. Электромонтер<br>.........................<br>......................... |
| 3 | Окутуу жана билим берүү | 3.1. Педагог<br>.........................<br>.........................<br>......................... | 3.2. Методист<br>.........................<br>.........................<br>.................... | 3.3. Бизнес-кеңешчи<br>......................<br>...................... | 3.4. Инструктор по вождению<br>.........................<br>......................... |
| 4 | Өндүрүш | 4.1 Өндүрүш боюнча менеджер<br>.........................<br>......................... | 4.2. Чертёжник<br>.........................<br>........................<br>........................<br>......................... | 4.3. Кассир<br>....................<br>...................<br>....................<br>...................... | 4.4. Слесарь ((темир уста)<br>.........................<br>.....................<br>...................... |
| 5 | Конструкциялоо | 5.1. Стилист<br>.........................<br>.........................<br>......................... | 5.2. Веб-дизайнер<br>.........................<br>........................ | 5.3. Бухгалтер<br>......................<br>......................<br>...................... | 5.4. Конструктор<br>.........................<br>.........................<br>.......................... |
| 6 | Изилдөө | 6.1. Тергөөчү<br>.........................<br>......................... | 6.2. Социолог<br>.........................<br>......................... | 6.3. Экономист<br>......................<br>...................... | 6.4. Метролог<br>........................<br>........................ |
| 7 | Коргоо | 7.1. Жан сакчы<br>.........................<br>.........................<br>........................ | 7.2. Программист<br>.........................<br>......................... | 7.3. Инкассатор<br>......................<br>...................... | 7.4. Өрт өчүрүүчү<br>.........................<br>.........................<br>......................... |
| 8 | Көзөмөлгө алуу | 8.1. Инспектор<br>.........................<br>.........................<br>......................... | 8.2. Корректор<br>.........................<br>.........................<br>.................... | 8.3. Салык инспектору<br>......................<br>...................... | 8.4. Авиадиспетчер<br>.........................<br>...................... |

# Кесиптердин матрицасы

| № | Ишмердүүлүктүн түрү | 5<br>Искусство | 6<br>Жаныбар жана өсүмдүктөр | 7<br>Өндүрүлгөн буюмдар жана тамак-аш азыктары | 8<br>Жаратылыш ресурстары |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Башкаруу | 1.5 Режиссер<br>....................<br>........................<br>........................ | 1.6. Дрессировщик<br>........................<br>........................ | 1.7. Товартаануучу<br>...............................<br>...............................<br>............................... | 1.8. Геодезист<br>.........................<br>.........................<br>......................... |
| 2 | Кызмат көрсөтүү | 2.5. Чач тарач<br>........................<br>........................ | 2.6. Малчы<br>........................<br>...................... | 2.7. Сатуучу<br>...............................<br>............................... | 2.8. Токойчу<br>.........................<br>......................... |
| 3 | Окутуу жана билим берүү | 3.5. Студия жетекчиси<br>........................<br>........................ | 3.6. Дрессировщик<br>........................<br>........................ | 3.7. Өндүрүштүк окутуунун мастери<br>...............................<br>............................... | 3.8. Геология мугалими<br>.........................<br>......................... |
| 4 | Өндүрүш | 4.5. Зергер<br>........................<br>........................<br>........................ | 4.6. Малчы<br>........................<br>........................<br>........................ | 4.7. Ашпозчу<br>...............................<br>...............................<br>............................... | 4.8. Тоо-кен жумушчу<br>.........................<br>...................... |
| 5 | Конструкциялоо | 5.5. Дизайнер<br>........................<br>........................ | 5.6. Гүлбакчы<br>........................<br>........................ | 5.7. Монтажник<br>...............................<br>...............................<br>............................... | 5.8. Ландшафт архитектору<br>.........................<br>......................... |
| 6 | Изилдөө | 6.5. Искусство-таануучу<br>........................<br>........................ | 6.6. Лаборант-эколог<br>........................<br>........................ | 6.7. Технолог<br>...............................<br>...............................<br>............................... | 6.4. Метеоролог<br>.........................<br>.........................<br>......................... |
| 7 | Коргоо | 7.5. Каскадер<br>........................<br>........................<br>........................ | 7.6. Лаборант-эколог<br>........................<br>...................... | 7.7. Диетолог<br>...............................<br>...............................<br>............................... | 7.8. Эколог<br>.........................<br>.........................<br>......................... |
| 8 | Көзөмөлгө алуу | 8.5. Музей жумушчусу<br>........................<br>........................ | 8.6. Зоотех-ник..................<br>........................<br>........................ | 8.7. Риэлтор<br>...............................<br>...............................<br>............................... | 8.4. Метеоролог<br>.......................<br>.........................<br>......................... |


# Мугалимдин профессиограммасы

| | |
|---|---|
| **Кесиптин аталышы** | Мугалим |
| **Кесиптин тиби:** | Адам + Адам |
| **Иштеген жери:** | жалпы орто билим берүү мекемелери |
| **Кызматтык милдеттер:** | - окуу жана тарбия иштерин пландоо;<br>- окутулуп жаткан предметтин спецификасын эске алуу менен мектеп окуучуларын окутуу жана тарбиялоо;<br>- окуучулардын социалдашуусуна жана маданиятынын калыптанышына жардам көрсөтүү;<br>- билим берүү процессинде санитардык нормалардын жана техниканын коопсуздук эрежелеринин сакталышын камсыздоо. |
| **Кесипке болгон талап:** | эмгек рыногунда дайыма суроо-талапка ээ болгон эмгектин чыгармачыл мүнөзү. |
| **Эмгек шарты:** | Мугалим мекемеде (класста, спортзалда), ошондой эле ачык абада (стадиондо) иштейт. Иш бир сменада, түшкө чейин же түштөн кийин (эгерде мектепте 2 нөөмөттү окушса). |
| **Эмгектин мазмуну:** | кесиптик ишмердиктин чөйрөсү – билим берүү мекемелери. |
| **Мугалимдин организминин физикалык абалына коюлган талап:** | өзүнүн жүрүм-турумун, эмоциясын көзөмөлдөй алышы жана туруктуу нерв системасы болушу шарт. |
| **Адистин жеке өзгөчөлүгүнө коюлган талаптар:** | мугалимдик иште ийгиликке жетүү үчүн жогорку деңгээлдеги жөндөмдүүлүктөр (интеллектуалдык, коммуникативдик, уюштуруучулук) жана жеке инсандык сапаттар керек: балдар менен иштей алуусу; жогорку деңгээлдеги жоопкерчилик; токтоолук жана өзүн көзөмөлдөй алуусу; ак ниет мамиле; башка адамды сыйлай билүү; өзүн-өзү өнүктүрүүгө умтулуусу; тапкычтыгы жана ар тараптуулугу; талапты коё билүүсү. |
| **Медициналык каршы көрсөтмөлөр:** | нерв жана психологиялык оорулар; жүрөк-кан тамырлар жана дем алуу системасынын оорулары; көрүү, угуу жана кептин бузулушу; өнөкөткө айланган инфекциялык оорулар. |

| | |
|---|---|
| **Кесиптик компетенциялар:** | - окуучунун физиологиялык жана психикалык өнүгүшүнүн курактык өзгөчөлүктөрүн;<br>- билим берүү стандартын;<br>- окуу предмети боюнча окуу программаларынын мазмунун;<br>- окуу жана тарбия иштерин пландоонун принциптерин жана түрлөрүн;<br>- окуу сабактарын жана тарбия иштерин уюштуруунун формаларын жана мазмунун;<br>- билим берүү мекемелери менен үй-бүлөнүн биргелешкен иштериндеги негизги проблемаларды;<br>- сабактарда коопсуз жүрүм-турум эрежелерин ж.б. |
| **Кесипке ээ болуунун жолдору:** | адистикке колледждерде, ЖОЖдордо ээ болууга болот. |

# 4-тема: Жалпы билим берүү мекемелеринде кесипке багыт берүү иштерин уюштуруу

5.1 Т.М.



| |
|---|
| **Мектептин директору:**<br>✓ педагогикалык колективдин иш-пландарын бекитүү;<br>✓ кесипке багыт берүү иштерин көзөмөлдөө;<br>✓ кесиптик окуу жайлар, жогорку окуу жайлары, ишкерлер менен кызматташтык байланыш түзүү;<br>✓ кесипке багыт берүү иштерин уюштурууга шарт түзүү. |
| **Мектептин директору тарбия иштери боюнча орун басары:**<br>✓ массалык маданий иш-чараларды уюштуруу;<br>✓ ата-энелер, коомчулук менен иш алып баруу;<br>✓ класс жетекчилердин тарбиялык иштерине көзөмөлдүк кылуу. |
| **Предметтик мугалим:**<br>✓ кесип тандоо менен байланышкан маселелер боюнча түшүнүктөрдү берүү;<br>✓ кесип ээлери кандай теориялык билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуусу керектигин түшүндүрүү;<br>✓ окуучунун кызыгуусун ойготуу;<br>✓ окуу процессинде окуучунун жөндөм-шыгына байкоо жүргүзүү;<br>✓ өз предмети аркылуу окуучуларга кесиптер боюнча маалымат берүү. |
| **Мектептин психологу:**<br>✓ класс жетекчи, ата-энелер жана окуучулар менен тыгыз иштешүү;<br>✓ социалдык абалына жараша окуучулар жана ата-энелер менен иш алып баруу;<br>✓ окуучулардын курак өзгөчөлүгү боюнча класстан класска которулганда алардын адаптацияланусуна көмөктөшүү;<br>✓ класс жетекчи менен бирге окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуу ишмердигинин өнүгүшү боюнча психологиялык жактан жардам көрсөтүү программмасын иштеп чыгуу;<br>✓ окуучуларга кесип тандоодо инсандык сапаттардын калыптанышы боюнча түрдүү иш-чараларды уюштуруу;<br>✓ тест алуу. |
| **Китепканачы:**<br>✓ китепканачы башка балдар китепканалардын ортосунда байланышты уюштуруу;<br>✓ кесип тандоо боюнча китептердин топтомун системага салуу;<br>✓ окуучуларды кесиптер боюнча көркөм жана илимий-популярдуу адабияттар менен тааныштыруу;<br>✓ кесипке багыт берүү бурчун түзүү. |

4.3 Т.М.

# Кесипке багыт берүүдө класс жетекчи колдоно турган ыкмалар:

| |
|---|
| **Маалымат берүүчү ыкмалар;** кесиптер тууралуу кыскача мүнөздөмө, маалымдама адабияттар, кесиптик көрнөк-жарнактар, таанып-билүүчүлүк жана агартуучу лекциялары, кесипке багыт берүүчү сабактар, кесиптин түрлөрү жарманкелерине катышуу. |
| **Кесиптик психодиагностикалык ыкмалар;** жабык типтеги жана ачык интервьюлар, кесиптик мотивациялык сурамжылоолор, жеке инсандык сурамжылоолор, жеке долбоордук тесттер, байкоолор. |
| **Моралдык-эмоционалдык ыкмалары;** негизги кадамдардын чынжырын түзүү, максатка жетүү үчүн окуучулардын түрдүү варианттарынын системасын түзүү, альтернативалык тандоонун түрдүү схемаларын пайдалануу. |

# 5-тема: Мектеп программасында кесипке багыт берүү маселелери


5.1. Т.М.



T.M. 5.2.





T.M. 5.3.



# 6-тема: Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү

6.1.Т.М.




6.2. Т.М.


| № | Тапшырманын мазмуну | Жеткинчек курак (башталгыч класстар ) | Эрте өспүрүм курак (ортонку класс) | Өспүрүм курак (жогорку класс) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуучунун тажрыйбасына таянуу | | | |
| 2 | Кесиптер боюнча маалыматы кенен | | | |
| 3 | Өзүн-өзү таануу процесси жүрөт | | | |
| 4 | Дал ошол куракта кызыгуулардын дифференциациясы жүрөт, баалуулук багыттары түптөлөт жана өнүгөт, нравалык көз караштар жана социалдык пикирлер калыптанат. | | | |
| 5 | Бул ар бир адамдын жашоо-турмушундагы кыйын өткөөл этап. | | | |
| 6 | Инсан катары калыптанып калган, өзүнүн ой пикирин айта алган, өзүнүн позициясы бар инсан. | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7 | Өздөрүнүн келечегин аныктаган жана негизинен тиешелүү адистикке ээ болуу үчүн кийинки билим алуунун жолдорун, окуу жайларды, иштин перспективасын сунуштоого муктаж болгон окуучулар. | | | |
| 8 | Ушул мезгилде балдарга бөтөнчө жумшак, этият мамиле жасоо зарыл. | | | |
| 9 | .....окуучуларына инсандык калыптануусунда, турмуштук маанилүү чечимдерди кабыл алууну үйрөнүүдө, жашоонун маңызын табууда, кесипти тандоодо класстан тышкаркы кесиптик багыт берүү иши олуттуу жардам бере алат. | | | |
| 10 | Бул мезгил балдардын нерв системасынын туруксуздугу менен айырмаланат, эс-акылы, түшүнүгү, ой-жүгүртүүсү татаалданат | | | |


# 7-тема: Өзүн-өзү таанып-билүү - кесипкөйлүк өнүгүүнүн шарты  катары

7.1. Т.М.

**Дарыгер**



**Журналист**



**Программист**



**Ашпозчу**



7.2. Т.М.

| | | | |
|---|---|---|---|
| сабырдуу | жоопкерчиликтүү | уюштургуч | мобилдүү |
| тыкан | адамгерчиликтүү | гумандуу | берешен |
| уюштургуч | лидер | толеранттуу | чыдамкай |
| билимдүү | аракетчил | иштерман | иш билги |
| жөнөкөй | тырышчаак | адилеттүү | уга билген |
| мээримдүү | ак көңүл | намыскөй | так |
| коммуникабелдүү | интервьюер | эмгекчил | чыгармачыл |
| жаңычыл | креативдүү | жалкоо | өзүмчүл |
| кесипкөй | аналитикалык ой жүгүрткөн | демилгелүү | математикалык билим |
| код түзө билген | программалоонун бир нече тилин билген | мультимедияны өздөштүргөн | маалыматтар менен иштей алган |
| этиканы сактаган | өз алдынча чечим кабыл ала алган | даам өзгөчөлүктөрүн билген | тартуулай билген |
| токтоолук | стресстик кырдаалда өзүн кармай билген | сынчыл ой жүгүртө алган | сылык |

7.3. Т.М.

**Мугалимдин сапаттары**

| **Инсандык сапаттар** | **Көндүмдөргө байланышкан сапаттар** | **Билимдерге байланышкан сапаттар (мисалы, филолог)** |
|---|---|---|
| гумандуу | жоопкерчиликтүү | билимдүү |
| боорукер | тыкан | предметин мыкты билет |
| сабырдуу | уюштургуч | кесипкөй |
| тамашакөй | шыктандырат | тилдик кубулуштардын өзгөчөлүгүн жеткиликтүү түшүндүрөт |
| мээримдүү | тапкыч | адабий тилдик нормада сүйлөйт |
| адилеттүү | так иштейт | медиа-сабаттуу |
| ак көңүл | кунт коюп угат | санарип-сабаттуу |
| ачык-айрым | иш билги | маалыматтык-сабаттуу |
| жөнөкөй | жардам берет | үзгүлтүксүз билим алуу |
| дилгир | чыгармачыл | жаңычыл |

# 8-тема: Кесипке багыт берүүдө ата-энелер менен иштөө

8.1. Т.М.

**Ата-энелердин баласынын кесип тандоосуна катышуу деңгээлин баалоо**

**Ырастоолорду окуп, «ооба» же «жок» деп жооп бергиле:**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер көпчүлүк учурда үйүндө өзүнүн кесиби жөнүндө үстүрттөн гана кеп кылышат. | |
| 2 | Ата-энелер кесипке багыт берүү ишин мектептин милдети катары түшүнүшөт. | |
| 3 | Ата-энелер баласынын кесип тандоосуна кайдыгер карашат. | |
| 4 | Ата-энелер бала үчүн кесип тандоону ата-эненин энчиси катары гана түшүнүп, балдарына болочок кесипти өздөрү тандап беришет. | |
| 5 | Ата-энелер баланын кесип тандоодогу чечимин колдошот. | |
| 6 | Мектеп окуучуларга кесипке багыт берүү ишинде ата-энелер биргелешип иш алып барат. | |
| 7 | Мектеп ата-энелерди окуучуларга кесипке багыт берүү иштерине катыштыруунун натыйжалуу жолдорун иштеп чыгат. | |
| 8 | Ата-энелер чогулушунда окуучуларды кесипке багыттоо маселелери боюнча психологиялык-педагогикалык өңүттөгү маалыматтар айтылат. | |
| 9 | Мектеп окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча жеке консультацияларды, диспут, дискуссияларды уюштуруп турат. | |
| 10 | Мектепте окуучулардын кесиптик агартуусуна багытталган атайын иш-чаралар уюштурулат. | |

8.2. Т.М.

**Кесиптик багыт берүүдө окуучунун ата-энеси менен аңгемелешүүнүн болжолдуу мазмуну**

1. Ким болуп иштейсиз?
2. Балаңыздын ким болушун каалайсыз?
3. Кайсы кесипти тандап алды? Качан? 7, 9, 10, 11-класстарда ким болгусу келчү эле?
4. Балаңыздын кесип тандоосуна макулсузбу? Жардам бердиңизби? Кайсы кесиптерди тандоосун сунуштадыңыз?
5. Сиздин байкооңуз боюнча балаңыз кандай? Анын психологиялык портретин түзүп көрөлүчү?
6. Балаңыз эмнеге кызыгат?
7. Анын окуусун кандай баалайсыз, бош убагыңызда сабактарына көңүл бурасызбы?
8. Сиздин көз карашыңызда балаңыздын өзүн-өзү баалоосу кандай?
9. Кесип тандоо проблемасына, сиздин мамилеңиз кандай?
10. Болочок кесипти тандоодо кандай эрежелерди кармануу керек?

**Жыйынтык текшерүүнүн суроолору:**

1. «Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» курсунун изилдөө объектиси, предмети.
2. «Кесипке багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» курсунда калыптануучу компетенциялар.
3. Профориентологиянын максаты жана милдеттери.
4. Профориентологиянын бөлүмдөрү.
5. Профориентологиянын функциялары.
6. Кесиптик багыт берүү системасынын компоненттери.
7. Кесиптик багыт берүүнүн функциялары.
8. Кесиптик багыт берүүнүн методдору.
9. Кесиптик багыт берүү иштерине системдик мамиле.
10. Кесиптик багыт берүүнүн аспекттери.
11. Россияда кесипке багыт берүү иштеринин этаптары.
12. Кесиптик багыт берүү иштеринин өнүгүшүнүн тарыхый өбөлгөлөрү.
13. Чет өлкөлүк кесипке багыт берүү иштеринин теориясы жана практикасы.
14. Чет өлкөдөгү «карьеранын өнүгүшү» (career development) түшүнүгү.
15. Ф.Парсонстун «Кесип тандоо» эмгегинин негизги жоболору.
16. Д.Сьюпердин курактык өнүгүү концепциясынын жоболору.
17. Кесипке багыт берүү иштеринин «жапон» жана «америкалык» модели.
18. «Кесип», «адистик» жана «квалификация» түшүнүктөрүнүн айырмачылыктары.
19. Кесип таануудагы негизги түшүнүктөр.
20. Е. А. Климов классификациясы боюнча кесиптин типтери.
21. Профессиографиянын изилдөө предмети.
22. Кесиптик жарамдуулук менен эмгекке жарамдуулук кандайча байланышкан?
23. Кесиптик ишмердүүлүктү изилдөөнүн методдору.
24. Профессиограмма мазмунуна жана түзүлүшүнө карай бөлүнүшү.
25. Профессиограмманын түзүмү жана камтылган маалыматтар.
26. Окучуларга кесипке багыт берүүдө ата-эненин ролу.
27. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин формалары.
28. Ата-энелерди кесипке багыт берүү иштерине тартуунун натыйжалуу жолдору.
29. Ата-энелердин мектептин ишмердүүлүгүнө катышуусуна тоскоолдук кылган көйгөйлөр.
30. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин багыттары.
31. «Окутуу», «тарбиялоо» жана «кесип» түшүнүктөрүн салыштыруу.
32. Жалпы билим берүүчү мектептерде колдонулуучу программалардын бири-биринен өзгөчөлүктөрү.
33. Окуу программасынын структурасын аныктоо.
34. Тарбиялык иштердин программасынын максаты, милдеттери жана принциптери.
35. Кесипке багыт берүүчү темалардын программада берилиши боюнча анализ.
36. Кесип тандоого даярдоодо кандай милдеттер коюлат?
37. Билим берүү концепцияларында кесипке багыт берүү боюнча эмнелер камтылган?
38. Мектептин кесипке багыт берүүнүн максаты жана милдеттери.
39. Мектепте кесипке багыт берүү иштерин уюштурууга кимдер милдеттүү?
40. Класс жетекчинин негизги функциясы.

41. Касс жетекчинин компетенциялары.
42. Кесипке багыт берүүдө класс жетекчиликтин ролу.
43. Класс жетекчи кесипке багыт берүүдөгү багыттары.
44. Кесипке багыт берүүдө класс жетекчи колдоно турган ыкмалар.
45. Окуучулар жаш курагына карата бөлүштүрүү
46. Кесипке багыт берүүдө башталгыч класстарда кесип түшүнүгүн калыптандыруу.
47. Өспүрүмдөр менен иштөөнүн өзгөчөлүгү.
48. Жогорку класстарда кесипке багыт берүүдө эмнелерге көңүл бурулат?
49. Мектепте окуучуларга кесипке багыт берүү ишин пандаштырууда кандай жагдайларды эске алынышы керек?
50. Класс жетекчи катары окуучулардын жаш курагына ылайык иш план түзүү.
51. Окуучулардын кесиптик жактан өзүн-өзү таанып-билүүсүнө таасир этүүчү баалуулуктар.
52. Окуучулардын социалдык баалуулуктарын калыптандыруунун жолдору.
53. Мектепте окуучуларга кесипке багыт берүү ишин пландаштырууда кандай жагдайларды эске алабыз?
54. Өзүн-өзү таануу деген эмне?
55. Өзүн-өзү таанып-билүүнүн түрлөрү.
56. Инсандын жеке сапаттарга кайсылар кирет?
57. Инсандын жеке сапаттарынын калыптандырууда класс жетекчи жана психолог кандай иш-чараларды уюштурат?
58. Кесипке багыт берүүдө окуучунун инсандык калыптануусунун канчалык зарылчылыгы бар?
59. Билим, билгичтик жана көндүм. Көндүмдүн түрлөрү.
60. Компетенттүүлүк деген эмне, компетенттүү мамиле жасоону кандай түшүнөсүнөр?

# Адабияттар:


1. 9-класста кесипке багыт берүү: Мугалимдер үчүн колдонмо [Текст] / «Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүү» программасы. - Бонн жана Эшборн шаарлары, 2018. -68 б.
2. Ж. С. Абдыракунова. Кесипке багыт берүү – негизги маселелердин бири катары [Текст] / Ж. С. Абдыракунова // Известия ВУЗов Кыргызстана. №10, 2017. -167-168-бб. http://www.science-journal.kg
3. Н. В. Афанасьева, Н. В. Малухина, М. Г. Пашнина. Профориентационный тренинг для старшеклассников «Твой выбор» [Текст] / Н. В. Афанасьева, Н. В. Малухина, М. Г. Пашнина. -СПб: Речь, 2008. -366 б. http://padabum.com
4. Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандырууга ата-энелерди жана коомчулукту тартуу. 10-модуль. USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоору. - Б., 2018. -39-б.
5. И.Б. Бекбоев. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. - Бишкек, 2011. -384 б.
6. Е. В. Гудкова. Основы профориентации и профессионального консультирования [Текст] / Е. В. Гудкова. Под ред. Е. Л. Солдатовой. - Челябинск: ЮУрГУ, 2004. -127 б.
7. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1–11-класстары үчүн тарбия иштеринин программасы [Текст] / Түзүүчүлөр: Жумабаева Г. А., Алымбаева Б. Б., Акматов К. К. – Б., 2020. http://kao.kg
8. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 5–11-класстары үчүн кыргыз тили боюнча программа: - Б.: «ТАС», 2018.
9. Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. Основы профориентологии [Текст] / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. – Москва: Высшая школа, 2005. -159 б. https://www.studmed.ru
10. Единство в многообразии: педагогические подходы и технологии/ для педагогов высшего образования КР/ авторы-составители: Н.А. Багдасарова, Л.А. Шульгина. – Б.. 2016 -24 б.
11. Инсанга багытталган окутууда окуп-үйрөнүү процессин уюштуруу. Түз.: А.М. Аликова, Ж.Д. Асекова. – Б., 2012, 200 б.
12. Калыптандыруучу баалоо. Мугалимдер үчүн колдонмо. 7-модуль. USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоору. -Б., 2018. -33 б.
13. Кыргыз педагогикасы: Энциклопедиялык окуу куралы [Текст] / Башкы ред. Ү. Асанов; Ред кеңеш И. Бекбоев (төрага) ж.б. -Б.: Мамл.тил ж-а энциклопедия борбору, 2004. -340 б.
14. Мектеп окуучуларынын кесиптик багыт алуусун уюштуруу: 9–11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо [Текст] / Түзүүчүлөр: М. Иманкулова, Л. Огонбаева, М. Ниязова. - Б., 2020. -75 б.
15. Мехмет Ташпыңар, А. Алимбеков. Окутуунун жалпы методдору. – Б., 2008.
16. С. К. Овсянникова. Организация профориентационной работы в школе. Методическое пособие [Текст] / С. К. Овсянникова. –Нижневартовск, 2013. -364 б. https://www.studmed.ru
17. Ж. М. Орозбаев. Эстетическое воспитание младших школьников на прогрессивных традициях народной педагогитки (на материале Кирг.ССР): автореф. дис... канд. пед. наук: 13.00.01 [Текст] / Ж. М. Орозбаев. - М., 1988. - 15б.
18. Өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү таанып-билүү жана жеке өнүгүү. Методикалык колдонмо [Текст] / Түзүүчүлөр: Т. А. Жороев, А. А. Сатинбаева ж.б. – Ош, 2017. –168 б.

19. С. В. Панина, Т. А. Макаренко. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся: Учебник для академического бакалавриата [Текст] / С. В. Панина, Т. А. Макаренко. - Москва: Юрайт, 2014. -312 б.
20. Н. С. Пряжников. Профессиональное самоопределение: теория и практика [Текст] / Н.С. Пряжников. - Москва: Академия, 2007. -501 б.
21. Е. Ю. Пряжникова, Н. С. Пряжников. Профориентация: учеб. пособие для студ. высш. учебн. заведений [Текст] / Е. Ю. Пряжникова, Н. С. Пряжников.
22. Пряжников. - Москва: Издательский центр «Академия», 2008. -496 б. https://www.twirpx.com.
23. Саалаев Ө. Окутуунун интерактивдүү усулдары. – Б.:, 2009.
24. Е. Ю. Сизганова. Основы профориентологии [Текст] / Е. Ю. Сизганова. - Орск, 2010. - 138 б.
25. Е. В. Таточенко. Исторические аспекты становления и развития профориентационной работы в России и за рубежом [Текст] / Е. В. Таточенко // Педагогическое обозрение. №1-2, 2014. –1-4 б. https://npo.tspu.edu.ru
26. М. Х. Титма. Выбор профессии как социальная проблема. На материалах конкретных исследований в ЭССР [Текст] / М.Х.Титма. - М.: Мысль, 1975. -198 б.

# ГЛОССАРИЙ

**Адаптация (ыңгайлашуу)** – айлана-чөйрөгө ыңгайлашуу (социалдык чөйрө). Психологиялык аспекти – адамдын өз каалоолору, кызыкчылыктары менен инсан катары коомдун койгон талаптарына ыңгайлашуусу же коомдогу нормаларды жана баалуулуктарды өздөштүрүүсү, сиңирүүсү.

**Адистик** – бир кесиптин чегиндеги иштин түрү.

**Алдын ала кесиптик диагноздоо** – кесип тандоодо же кесибин өзгөртүүдөн улам келип чыккан маселелерди чечүүдө, кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоодо жана адис катары калыптанышында инсандын мүмкүнчүлүктөрүн жана индивидуалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

**Вакансия** – бош жумуш орун.

**Гностикалык кесиптер** – адам ишмердиги акыркы өнүм катары алдын ала белгилүү болгон белгилерди таануу, айырмалоо, баалоо, текшерүү, классификациялоону талап кылган кесиптер.

**Жамааттык келишим** – жумуш берүүчү менен мекеменин же ишкананын кызматкерлеринин ортосундагы социалдык-эмгектик мамилени жөнгө салуучу укуктук акт.

**Жумуш орун** – эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө багытталып, мейкиндик менен чектелген, атайын жабдылган жана уюштурулган зона.

**Жумуш берүүчү/иш берүүчү** – жумушчу менен эмгек келишимин түзүп, аны менен эмгек мамилесине кирген юридикалык же физикалык жак.

**Изденүүчү кесиптер** – практикалык ишмердик процессинде буга чейинки белгисиз, жаңы нерсени издөө менен өндүрүүгө багытталган кесиптин классы.

**Иш тажрыйбасы** – белгилүү кесиптик ишмердик боюнча практикада өздөштүрүлгөн билимдин, ыктын жана көндүмдүн биримдиги.

**Карьера (итал. < carriera «өмүр жол, иш майданы»)** – адамдын ишмердиктин тигил же бул чөйрөсүндө кызмат боюнча алга жылуусу, илгерилөөсү.

**Квалификация** – эмгектин тигил же бул түрүнө инсандын даярдык, жарамдуулук даражасы, кесиптик чеберчилик деңгээли. Кесип ээсинин квалификациясы билими, практикалык көндүмдөрү жана аткарып жаткан ишинин татаалдык деңгээли аркылуу аныкталат.

**Квалификацияны жогорулатуу** – жогорку татаалдыктагы ишти аткаруу мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруу үчүн кызматкердин/жумушчунун кесиптик деңгээлин өнүктүрүү.

**Кесип** – бул белгилүү билим деңгээлди, атайын көндүмдөрдү талап кылган, ошону менен бирге киреше булагы болгон адамдын эмгек ишмердүүлүгүнүн бир түрү.

**Кесипке багыт алуу ишмердиги** – окуучунун түрдүү иш чараларга, кружокторго катышуусун, тигил же бул кызыгуусуна карай «… сүйүүчүлөр» бирикмелерге баруусун уюштуруу; профилдик класстарда, факультатив сабактарын окутуу; тигил же бул кесиптик ишмердиктин түрүнө болушунча жакындатылган шартта кесиптик сыноолорду өткөрүү.

**Кесиптердин классификациясы** – кайсы бир окшош касиетине карай кесиптерди топтоштуруу.

**Кесиптик агартуу (кесиптик маалымат берүү)** – окуучуларга кесиптин мазмуну, ага

коюлган  талаптар, өзгөчөлүктөрү, кесипке ээ болуунун жолдору, кесиптик карьера жөнүндө маалымат берүүгө багытталган.

**Кесиптик активдешүү** — адамдын өнүгүшү жана кесиптик өзүн өзү аныктоого байланыштуу маселелерди актуалдаштырууга багытталган иш-чаралар системасы.

**Кесиптик багыт берүү** – окуучунун жекече кызыгуусуна, шыгына, ден соолугуна жана коомдогу социалдык экономикалык өзгөрүүлөрдүн талаптарына ылайык аны аң-сезимдүү кесип тандап алууга даярдоого багытталган комплекстүү иш-чаралар системасы.

**Кесиптик билим** – кесиптик ишмердиктин белгилүү түрүнө ээ болуу процесси жана анын жыйынтыгы.

**Кесиптик дарамет (потенциал)** – кесиптик ишмердикти өздөштүрүүдөгү жана өркүндөтүүдөгү мүмкүнчүлүктөр менен жөндөмдүүлүктүн биримдиги.

**Кесиптик даярдык** – белгилүү кесип боюнча иштөө мүмкүнчүлүгүн берген атайын билим, ык жана көндүмдөрдүн биримдиги.

**Кесиптик жактан өзүн-өзү таануу** – өзүнүн кызыгуусун, шыгын, жөндөмүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен белгилүү бир кесипти же эмгек ишмердик чөйрөсүн аң-сезимдүү тандоо.

**Кесиптик жарамдуулук** – белгилүү бир кесип, адистик боюнча иш аткаруу жөндөмдүүлүгү. Ал физикалык, психофизиологиялык жана психологиялык сапаттар аркылуу аныкталат.

**Кесиптик жөндөмдүүлүк** – инсанды башка адамдардан өзгөчөлөгөн, кесиптик ишмердиктин талаптарына жооп берген индивидуалдык-психологиялык белгилери.

**Кесиптик ишмердиктин анализи** – кесипти психологиялык изилдөөнүн жана талдоонун ыкмасы, анын жыйынтыгы болуп кесиптик ишмердиктин профессиографиялык сыпаттамасын түзүү болуп саналат.

**Кесиптик ишмердиктин түрү** – белгилүү кесиптик белгилер менен мүнөздөлгөн ишмердиктин классификациялык жактан топтоштурулушу.

**Кесиптик кеңеш** – окуучунун шык-жөндөмүнө, кызыгуусуна жараша кесиптик багытталгандыгын камсыз кылат.

**Кесиптик маалымат** - окуучуларга азыркы кездеги кесиптер жана алардын коомдогу ролу, жергиликтүү өндүрүш тармактарынын кесип ээлерине муктаждыктар жөнүндө маалымат берүү.

**Кесиптик негизги сапаттар** – кесиптик ишмердикти ишке ашыруу үчүн жана кесиптик окуунун ийгилигин камсыз кылган адамдын жеке өзгөчөлүктөрү.

**Кесиптик ниет** – кесип тандоого умтулуу жана ылайыктуу билимге ээ болууну камтыган кесиптик ишмердиктин белгилүү бир түрүнө аң-сезимдүү мамиле.

**Кесиптик өркүндөтүү** – адистин кесиптик ишмердүүлүгү менен байланышкан чеберчилигинин өнүгүшү.

**Кесиптик тарбиялоо** - окуучунун кесипке кызыгуусун жана аны тандоодогу негизделген мамиле – мотивин калыптандыруу менен байланышат.

**Кесиптик ылгоо** – адамдын белгилүү өндүрүштүн шарттарына жана кесиптик ишмердиктин түрүнө жарактуулугун аныктайт.

**Кесиптик ыңгайлануу** – адамдын социалдык чөйрөгө, эмгек шарттарына, конкреттүү адистиктин түрүнө активдүү ыңгайлашуусу.

**Кесиптик тандоо** – кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоодо бир нече варианттардын ичинен бирөөсүн тандоо.

**Кесиптин тиби** – эмгектин предмети боюнча окшош кесиптердин тобу.

**Кесиптик чөйрө** – эмгектин предметинин жана социалдык шарттардын биримдиги.

**Классификация** – кубулуштарды, нерселердин окшоштуктарына, белгилүү бир касиетине ылайык топтоштуруу.

**Кызмат** – адистен квалификациялык деңгээлди жана жеке сапаттарды, кызматтык нускамада көрсөтүлгөн белгилүү милдеттерди аткарууну талап кылган кызматтык орун.

**Кызматтык нускама** – кызматкердин/жумушчунун мекеме же ишкананын структурасындагы ишмердигин жөнгө салып, уюштуруучулук-укуктук абалын, анын натыйжалуу ишинин мазмунун жана шартын аныктаган нормативдик документ.

**Мамлекеттик жумуш менен камсыздоо кызматы** – калкты жумуш менен камсыздоо саясатын ишке ашыруу үчүн түзүлгөн мамлекеттик мекемелер же ишканалар системасы. Жарандардын жумушка орношуусуна жардам көрсөтөт жана эмгекке болгон укугунун сакталышын көзөмөлдөйт.

**Метод** - грек тилинен алынган, кыргыз тилинде «жол», «ык» дегенди билдирет. Метод - үйрөтүүнүн, натыйжа алуунун жолу, ыгы.

**Окутуу методу** – бул окуучулардын билим алуу процессиндеги активдүүлүгүн камсыз кылуучу өбөлгө, шарт.

**Профессиограмма** – белгилүү бир кесиптин өзгөчөлүктөрүн сыпаттап, кесиптик эмгектин мазмунун, анын адамга койгон талаптарын мүнөздөйт жана ачыктап берет.

**Профессиография** - кесиптин адамдын жеке сапаттарына, психологиялык жөндөмдүүлүгүнө, психологиялык-физикалык мүмкүнчүлүгүнө койгон талаптарын изилдөөнүн технологиясы.

**Психограмма** – белгилүү эмгек ишмердигин ийгиликтүү аткарууга керектүү адамдын сапаттарын сыпаттоо жана бөлүп көрсөтүү.

**Резюме** – жумуш орунга же кызматка талапкердин жумуш берүүчү үчүн атайын даярдалган кыскача мүнөздөмөсү.

**Эмгек рыногу** – иш берүүчү менен жалданма жумушчу карым-катышка кирген динамикалык система.

**Эмгек рыногунда кесиптин талап кылынышы** – эмгек рыногунда талап менен сунуштун бири-бирине дал келиши.

**Эмгек шарты** – адамдын эмгек ишмердигине таасирин тийгизген факторлордун (жумуш орундун өзгөчөлүгү, иштөө режими, курчап турган чөйрө) биримдиги.

**Эмгекке жарамдуулук** – инсандын эмгек ишмердүүлүгүнүн тигил же бул түрүн аткара алуу жөндөмдүүлүгү.

**Эмгектин предмети** – адамдын эмгеги багытталган нерсе. Эмгектин предмети адам, техника, маалымат, көркөм чыгарма же табият боло алат.

**Эмгектин уюштурулушу** – максималдуу мүмкүн болгон натыйжага жетүүнү камсыз кылган, адамдардын эмгек ишмердигин белгилүү системага алып келүү.